«Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдарынын топтому

Биринчи бөлүк

Добрецова Н., Балакунова А., Мусаева А., Градваль С.

# ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу

Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген практикалык окуу китеби

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Бишкек
2015-ж.

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

Department for International Development

UKaid from the British people

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1
Ш 59

Ш 59 – ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу: Практ. окуу китеби. Биринчи бөлүк. / «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» окуу материалдарынын топтому. / Н. Добрецова, А. Балакунова, А. Мусаева, С. Градваль. – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 50 б.

ISBN 978-9967-11-502-6

Бул окуу китеби жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугун ишке ашырууга умтулган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрүнө арналган **«Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу»** окуу материалдар топтомунун биринчи бөлүгү болуп эсептелет. 2015-жылы топтом Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген беш практикалык жана методикалык окуу китептеринен турат жана алар төмөнкү маселелерге арналган: ***1) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын эсепке алуу;*** 2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо; 3) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары коомдук иш-чаралар (жыйындар жана коомдук угуулар); 4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жергиликтүү жамааттын пландуу мониторинг жүргүзүп, үзгүлтүксүз баа берип туруусу; 5) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси. Топтом кийинки жылдары жаңы окуу практикалык материалдар менен толукталып калышы ыктымал.

*Бул окуу китеби ЖӨБ органдарынын чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу принциптерин жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун камсыздоонун ажыратылгыс бөлүгү жана зарыл шарты катары караштырат. Окуу китеби кыргызстандык жана эл аралык тажрыйбанын базасында жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу маңызы тууралуу баяндап, мындан тышкары муниципалдык лидерлерге жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун натыйжасында пайда болчу артыкчылыктарды түшүндүрүп берет. Окуу китеби практикалык мүнөзгө ээ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз саясатында жарандардын пикирлерин үйрөнүп-билүү жана алардын муктаждыктарын эсепке алуу боюнча ишти өз алдынча уюштуруу мүмкүнчүлүгүн берет. Практикалык окуу китеби биринчи кезекте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарына, жарандык коом уюмдарына, эл аралык донордук жардам көрсөтүү долбоорлоруна, изилдөөчүлөргө жана окутуучуларга даректелет. Окуу китеби элеттик муниципалитеттердин тажрыйбасына таянганына карабастан ал Кыргыз Республикасынын чакан шаарларында да ийгиликтүү колдонулса болот.*

**Бул окуу китеби Өнүктүрүү саясат институтунун буюртмасы боюнча аткарылган гендердик экспертизадан өткөрүлдү жана аны гендердик эксперт Жаңыл АБДЫЛДАБЕК кызы жүргүздү.**

**Окуу китебин которгон Зейнеп Алтымышова.**

**Бул басылма Швейцария өкмөтү менен Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун финансылык колдоосу алдында чыкты.**

**Басылмадагы ой-пикирлер, тыянактар, корутундулар жана сунуштамалар авторлордун позициясына жана тажрыйбасына таянат, бирок сөзсүз эле Швейцария өкмөтүнүн, Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлигинин көз карашын чагылдыра бербейт.**

Ш 1203020200-15
ISBN 978-9967-11-502-6

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1

© Добрецова Н., Балакунова А., Мусаева А., Градваль С.
© Өнүктүрүү саясат институту, 2015

Бардык укуктар корголгон. Бул окуу китебин, же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда анын укук ээсине электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз:
№Dobretsova@dpi.kg, Office@dpi.kg

# Мазмуну

**Ыраазычылык** ..... **4**

**Кыскартуулардын тизмеси** ..... **4**

**Маанилүү аныктамалар** ..... **5**

**Эмне үчүн жарандар жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышыш керек?** ..... **6**

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу: принцип жана эл аралык укук ..... 6

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – демократияга негизделген жана башкаруу системасынын калкка эң жакын бөлүгү ..... 7

Манипуляциялоодон кызматташтыкка карай эволюция ..... 9

**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун модели** ..... **11**

**ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдерде жарандардын артыкчылыктарын эсепке алуу** ..... **14**

Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) – жарандардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыныгы өнөктөштүгүнө карай биринчи кадам ..... 14

Эмне үчүн ЖӨБ органынын жетекчилигине калктын пикирин изилдеп чыгуу пайдалуу? ..... 14

Ресурстардын таңсыктыгы маалында артыкчылыктардын мааниси ..... 15

ЖМБА деген эмне? ..... 15

Кандай учурларда ЖӨБ органдары ЖМБАны колдонушат? ..... 16

Эмне үчүн ЖМБА жыйынтыктарына ишенсе болот? ..... 17

ЖМБА-иш-чараларынын түрлөрү ..... 17

ЖМБА-иш-чараларынын комплексин уюштуруу жана өткөрүү этаптары ..... 17

ЖМБАнын уюштуруучулук этабы ..... 18

*ЖМБА өткөрүү тууралуу саясий чечим. Жумушчу топту түзүү.*
*ЖМБАны пландоо. ЖМБА-иш-чаралар комплексин пландоодо ЖӨБ органдарынын типтүү каталары.*
*ЖМБАнын уюштуруу этабындагы документтер.*

ЖМБАнын маалымат-аналитикалык этабы. Усулдардын сүрөттөлүшү ..... 22

*Картирлөө. Венн диаграммасы. «Токоч». Көйгөйлөр галереясы. Себеп-натыйжа байланыштар.*
*ЖМБА-сессияларын жана ЖМБА-фокус-топторун өткөрүүдө ЖӨБ органдарынын типтүү каталары.*
*ЖМБАнын маалымат-аналитикалык этабындагы документтер.*

**Чечим кабыл алуу процессинде ЖМБАнын жыйынтыктарын эсепке алуу** ..... **30**

Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу ..... 30

Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу ..... 31

**Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу практикасы** ..... **32**

Липенка айылдык аймагы: мол суга узак жол ..... 32

**Тиркемелер** ..... **34**

1-тиркеме. ЖМБА өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу айыл өкмөт башчысынын тескемесинин формасы ..... 34

2-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш Планын жана иш графигин бекитүү жөнүндө айыл өкмөт башчысынын тескемеси ..... 35

3-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун болжолдуу иш планы ..... 36

4-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар комплексинин болжолдуу графиги ..... 40

5-тиркеме. ЖМБА-сессиясынын СИНС-фокус-группы программасынын мисалы ..... 41

6-тиркеме. ЖМБА-сессия катышуучуларынын тизмесинин формасы ..... 41

7-тиркеме. ЖМБА-сессиясын өткөрүү тууралуу отчеттун формасы ..... 42

8-тиркеме. ЖМБА-фокус-топтору тууралуу отчеттун формасы ..... 43

9-тиркеме. Пландалган жолугушуу тууралуу отчеттун формасы ..... 44

10-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар протоколунун мисалы ..... 45

11-тиркеме. Бул окуу китебине тиркелген дискте жазылган электрондук документтердин тизмеси ..... 48

# Ыраазычылык

***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) жана ушул окуу китебинин авторлору темаларды иштеп чыгууга, усулдардын практикалык апробациясына, маалыматтарды чогултуп берүүгө кошкон салымы үчүн ӨСИнин кызматкерлери жана эксперттери Танат ОСМОНКУЛОВго, Роза СУРАНЧИЕВАга, Бектурган ОРОЗБАЕВге, Алтынай БУЗУРМАНКУЛОВАга, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВге ошондой эле 2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында өз муниципалитеттеринде жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун принциптерин жана усулдарын интенсивдүү жана чыгармачылык менен жайылтууга катышып келген Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айылдык аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарына терең ыраазычылыгын билдирет.***

# Кыскартуулардын тизмеси

**АА –** айылдык аймак – административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн.

**СПА –** суу пайдалануучулар ассоциациялары (сугат суу).

**АК –** айылдык кеңеш – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы.

**АӨ –** айыл өкмөтү – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы.

**ЖӨИА –** Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги.

**ЖӨБЭММА –** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик.

**КММ –** күйүүчү-майлоочу материалдар.

**БМжБТ –** биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору.

**АЖМФ –** Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду.

**ЖарК –** Жарандык катышуу (коомчулуктун катышуусу).

**ЖК –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент).

**ӨСИ –** Өнүктүрүү саясат институту.

**ОМТ –** окуу материалдарынын топтому.

**МжБ –** мониторинг жана баалоо.

**ЖерК –** жергиликтүү кеңеш.

**ЖӨБ –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

**БӨУ –** бейөкмөт уюм.

**ЖКУ –** жарандык коом уюмдары.

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоору –** Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту 2011-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында ишке ашырып жаткан «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоору.

**БАП –** Биргелешкен аракеттер планы.

**ЭСК –** элеттик саламаттык комитети, жамааттык уюм.

**БМжБ –** биргелешкен мониторинг жана баалоо.

**ТСПАКБ –** таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмеси.

**ФАП –** фельдшердик-акушердик пункт.

# Маанилүү аныктамалар

**Муниципалитет –** административдик-аймактык биримдиктин территориясын; ошол аймакта жашаган калкты; ошондой эле аталган аймактагы турмуш тиричилигине байланышкан маселелерди калктын кызыкчылыгында чечкен башкаруу органын камтыган үчилтик.

**Жергиликтүү маанидеги маселелер –** тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыздоо маселелери, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, ошондой эле жарандардын эркин түз билдирүү жолу менен чечилет.

**Жарандык катышуу –** жарандык коомдун маанилүү принциби, ал өзүнө башкарылгандарды башкарууга кошууну же тартууну (саясий, социалдык-экономикалык, маданий программаларды жана долбоорлорду талкуулоого жана иштеп чыгууга), чечим кабыл алууга таасир тийгизүүнү жана анын аткарылышын көзөмөлдөөнү, жергиликтүү жамааттын алкагында өз алдынча башкарууну камтыйт. Бул коомдун да, мамлекеттин да мындан кийинки өнүгүүсүнө тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда жарандык коом менен бийлик органдарынын ортосундагы социалдык өз ара аракеттин үзгүлтүксүз көп деңгээлдүү процесси. Бул процесс бийлик органдары менен жарандык коомдун ортосунда эки багытта тең жүзөгө ашырылат. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: катышуучулардын кабыл алуусуна, аларды маалымдоого көмөктөшкөн чаралар; пикирлерди чогултуу жана ыктымал альтернативалардын ичинен өзгөчө алгылыктуу вариантын тандоо ж.б. Бул чечим кабыл алуу процессине жарандарды тартуу боюнча социалдык-саясий процесс, анын эффективдүүлүгү түздөн-түз өз ара аракеттин деңгээлин, формасын жана мүнөзүн туура тандап алуудан көз каранды[1]. Жарандык катышуу жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулукту сактоо менен жүзөгө ашат.

**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели (ЖЖӨБК модели) –** бул иш-чаралардын комплекси, ал жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууга жол берет.

**Жамаат муктаждыктары биргелешип аныктоо – ЖМБА –** бул маалыматты биргелешип чогултуу, аны талдоо жана андан ары калктын түрдүү топторунун пикирлерин, кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен ишти пландоо процесси[2]. ЖМБА – бул дайыма өркүндөп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу, алар адамдарга өз турмуштук тажрыйбасына, жашоо шарттарына талдоо жүргүзүп, топтолгон тажрыйба жана билимдерди алмашып турууга көмөктөшөт. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап алып, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалышат.

**ЖМБА сессиялары –** бул «Картирлөө», «Венн диаграммасы», «Токоч», «Көйгөйлөр галереясы» усулдарынын жардамы менен баштапкы маалыматты чогултуу үчүн топтордун жолугушуулары.

**ЖМБА-фокус-тобу –** бул себеп-натыйжа байланыштарды аныктоо үчүн топтордун жолугушуулары.

**Пландоо жолугушуулары –** бул биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу, бардык кызыкдар жактардын, анын ичинде адистер менен эксперттердин пикирлерин эсепке алуу, тараптардын салымдарын аныктоо үчүн жамааттын жигердүү бөлүгү менен жолугушуулар.

**Чогулуштар –** здесь[3] – бул ЖМБА-иш-чараларынын натыйжаларын макулдашып алуу, калкты маалымдоо, Биргелешкен аракеттер планына толуктоолорду жана сунуштарды чогултуу үчүн жарандардын массалык ачык жыйналыштары.

**Коомдук угуулар –** ЖӨБ органдарынын маанилүү чечимдеринин формалдаштырылган коомдук талкуусу, бул жерде болсо жарандарга жергиликтүү бюджеттин долбоору же жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу маалымат берүү; жарандардын керектөөлөрүн эсепке алуу жана жергиликтүү бюджетке сунуштарды чогултуу үчүн керек.

[1] Комаров О.Е. Бул сайттан табасыз: http://regio№academ.org/i№dex.php?optio№=com_co№te№t&view=article&id=146&la№g=pl

[2] Эркектер менен аялдардын, карылар менен жаштардын, саламаттыгы жакшы менен майыптардын керектөөлөрү айырмаланышы мүмкүн.

[3] Бул жерде чогулуштар жарандардын ЖӨБгө катышуу моделинин бөлүгү катары каралууда. 2011-жылдын 15-июлундагы №101 (2-берене) "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, "жарандардын жыйыны - калктын алар боюнча жергиликтүү жамааттын уставына ылайык сунуштамаларды же чечимдерди кабыл алуу менен, бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган тургундардын чогулушунда аларды талкуулоо жолу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун тикелей формасы".

# Эмне үчүн жарандар жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышыш керек?

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу: принцип жана эл аралык укук[1]

Төгөрөгү төп келишкен демократияда бардык деңгээлдердеги шайлоо коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине таасирин тийгизүүнүн маанилүү аспабы болуп эсептелет. Бирок заманбап дүйнөдө жарандын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тандоо укугу – бул жарандык катышуунун бир гана, бирок эң маанилүү куралы болгонун баамдай билүү зарыл. Ал өзүнө шайлоолордун ортосундагы мезгилде чечим кабыл алуу процессине таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгүнүн көп түрүн камтыйт. Шайлоо маал-маалы менен өтүп турат, ал эми шайланган лидерлер чечимдерди үзгүлтүксүз, күн сайын кабыл алат эмеспи. Аны менен бирге практикада бул чечимдер шайлоо алдында айтылган программадан бир кыйла айырмаланышы ыктымал. Ошондуктан шайлоо чечимдердин өзүнө караганда аларды кабыл алган адамдардын чөйрөсүн калыптандырууга көбүрөөк таасирин тийгизет. Мындан улам кабыл алынып жаткан чечимдерге таасир этүү үчүн шайланчу өкүлдөр менен аларга добушун берчүлөр ортосунда үзгүлтүксүз өз ара аракет механизми зарыл. Жарандык катышуунун өзгөчөлүгү мына ушунда жатат: ал шайлоону жана башкаруу органдарына жүктөлгөн чечим кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарды алмаштырбайт. Жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу дайыма жамааттын керектөөлөрүнө дагы да тагыраак баа берип, ЖӨБ органдарында жана жарандарда муниципалитеттин өнүгүүсү үчүн бирдей жоопкерчилик сезимин калыптандыруу менен шайланган бийликтин саясатына түзөтүүлөрдү киргизип турат.



**Жарандык катышуу же коомчулуктун катышуусу саясий принцип болуп эсептелет, ал бара-бара укук статусуна жана практикага ээ болот. Коомчулуктун катышуусу принциби адамдын оюн билдирүүгө жана эркин чогулууга болгон негизги укуктарынан улам келип чыгат жана чечим кимге жайылтылса, алар ошол чечимди кабыл алууга алып барган процесске катышуу укугуна ээ экенин белгилейт.**

Бул принциптин үч негизги түзүүчүсү бар:

- түздөн-түз катышуу, мында адекваттуу механизмдер жана жол-жоболор талап кылынат;
- жарандар муктаж болгон же таасир эткиси келген мамлекеттик саясат, пландар жана демилгелер тууралуу кабардар болуп туруу үчүн маалыматка жеткиликтүүлүк;
- эки башка түзүүчүнү адекваттуу ишке ашыруунун кепилдиги катары сот адилеттигине жетүү.

Коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу – бул эл аралык укуктун нормасы, бирок ал эми гана практикада кеңири колдонула баштады. Катышуу принциби негизги адам укуктарына барып такалат, ал эми анын негиздерин адам укуктары боюнча айрым жалпы документтерден тапса болот. Адам укуктарынын жалпы декларациясы буларга таянат: «башкарууга катышуу укугу... түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөр аркылуу», ошондой эле «элдин эрки өкмөт бийлигинин өзөгү болууга тийиш»[2]. Бул принцип Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактта да кайталанат[3], ошол эле учурда Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пактта маалыматка жетүү мүмкүндүгүнүн маанилүүлүгү көрсөтүлүп, «билим баарына эркин коомдун пайдалуу катышуучусу болууга мүмкүндүк берүүгө тийиштиги» белгиленген[4]. Коомчулуктун катышуу принциби мындан тышкары дагы бир катар эл аралык тармактык макулдашуулар менен декларацияларда, тактап айтканда айлана-чөйрөгө жана туруктуу өнүгүүгө байланышкан документтерде да чагылдырылган. Биологиялык көп түрдүүлүк боюнча конвенциядан цитата келтирсек, аялдардын «бардык деңгээлдеги саясатты иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга» аралашуусун жана курчап турган чөйрөгө баа берүүгө таасир этүүгө коомчулуктун катышуусун эске салат[5]. БУУнун Климаттын өзгөрүүсү тууралуу алкактык конвенциясы[6] тараптардан буларды талап кылат: «билим берүү тармагында, кесиптик даярдыкка жана коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатууга таасир көрсөтүүнү жана кызматташууну... кеңири катышууга дем берүүнү... анын ичинде бейөкмөт уюмдарды». Бул Конвенцияга ылайык, климаттын өзгөрүшү боюнча

[1] Бул бөлүм 2015-жылдын 13-14-март күндөрү Бишкекте өткөн «Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним» аттуу эл аралык конференцияда Р.Лепринин «Коомчулуктун катышуусу жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүнүн фактору катары: эл аралык тажрыйбага сереп» докладынын негизинде жазылды.
[2] 21-берене, Адам укуктарынын жалпы декларациясы, http://www.u№.org/e№/docume№ts/udhr/
[3] 12-берене, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, http://www.u№hchr.ch/html/me№u3/b/a_ccpr.htm
[4] 13-берене, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пакт: www.u№hchr.ch/html/me№u3/b/a_cescr.htm.
[5] http://www.cbd.i№t/co№ve№tio№/text/default.shtml
[6] 4 (1)-берене жана 6 (а) (iii)-берене, БУУнун Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө алкактык конвенциясы: http://u№fccc.i№t/esse№tial_backgrou№d/co№ve№tio№/items/6036.php

проблемаларды чечүүгө коомчулуктун катышуусуна «көмөктөшүү жана түрткү берүү» мамлекеттин милдети. БУУнун чөлгө каршы күрөш боюнча конвенциясында[1] болсо бул нерсе андан да так көрсөтүлгөн, анткени чечим кабыл алуу процессинин бардык деңгээлдеринде аялдардын жана жаштардын катышуусунун маанисин өзүнчө бөлүп карайт: чечим кабыл алууда жергиликтүү жамаатты тартуу; маалымдуулукка жетүүдө бейөкмөт уюмдардын ролу. Коомчулуктун катышуусу ошондой эле туруктуу өнүгүүгө жетүү үчүн зарыл каражат катары да каралат. БУУнун Өнүгүү укугу тууралуу декларациясы[2] да коомчулуктун катышуусун өнүгүүнүн борбордук милдети катары бекитип, ал бардык калктын турмушун жакшыртууга негизделгенин ырастайт: «жигердүү, эркин жана конструктивдүү катышуу» жана «ар бир адам жана бардык эл өнүгүүгө көмөк көрсөтүүгө катышуу укугуна ээ». Практикада коомчулуктун катышуусу алардын көйгөйлөрүн, керектөөлөрүн жана баалуулуктарын өкмөттүк чечимдерге кошуу максатында мамлекеттик мекемелер коомчулук менен кеңешкен процесс болуп эсептелет. Бул жетектөөчү принциптерди жаратууну жана практиканы талап кылат, алар болсо коомчулукка саясий, экономикалык, социалдык жана башка чечимдерге өз салымын кошууга жол берет. Мында коомдук көйгөйлөрдү аныктоого жана чечүүгө жардам берген коомдук угуулар, консультативдик комитеттер, коомдук кеңештер, фокус-топтор, анкета жүргүзүү жана маектешүү өңдүү түрдүү ыкмалар колдонулат.

**Коомчулуктун катышуусунун жалпы максаты (мамлекеттин деңгээлинде – авт.) консультацияларды жүргүзүү жолу менен мамлекеттик мекемелердин жана түрдүү социалдык топтордун кызыкчылыктарын макулдашуудан турат.**

Коомчулуктун катышуу механизмдеринин кеңири түрлөрү бар, бирок алардын жалпы принциптери, критерийлери жана негизги эрежелери да бар. Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессинде жарандардын эффективдүү катышуусун камсыздоо үчүн мына ошолорду сактоо зарыл:

- **эффективдүүлүк жана мыйзам үстөмдүгү** жарандар башкаруу жана чечимдер (пландалган жана аткарылган) тууралуу маалыматты оңой алалат, ошондой эле соттук коргоого ээ болуунун, же бийлик өкүлдөрүнүн маалымат бербөө чечимин жокко чыгаруунун чыныгы мүмкүнчүлүгүнө ээ дегенди билдирет;
- **инклюзивдүүлүк же тартылгандык** чечим кабыл алуу процессине ошол жамааттын бардык тиешелүү топтору кошулганын, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдеринде бардык топтордун керектөөлөрүн эсепке алууга умтуларын билдирет;
- **ийкемдүүлүк** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу үчүн аспаптардын жана усулдардын кеңири түрүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун билдирет;
- **көз карандысыздык** жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусуна көмөктөшүү үчүн түзүлгөн уюмдар көз карандысыз деген статуска ээ болгонун билдирет;
- **айкындуулук** жарандар чечим кабыл алуу процессине катышууга болгон укугун ишке ашыруу үчүн эрежелерди, механизмдерди жана институттарды билет дегенди билдирет.

Бул принциптер «минималдык стандарттар» катары карала алат жана кайсы бир деңгээлде бири-бири менен байланышкан.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – демократияга негизделген жана башкаруу системасынын калкка эң жакын бөлүгү

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу –** бул башкаруу системасынын адамга эң жакын болгон бөлүгү гана болбостон, ошону менен бирге табияты боюнча да башкаруу системасынын эң демократиялуу бөлүгү болуп эсептелет. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү – бул ар бир өлкөнүн башкаруунун демократиялык формага өтүү процессиндеги ажыратылгыс бөлүгү. Бул – ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти ажыратуунун зарыл жана шексиз элементи. Ал бийликтин коом алдындагы отчеттуулугун, жергиликтүү бийликтин борбордон көз карандысыз саясат жүргүзүүсүн камсыздап, жарандардын борборлоштурулган башкаруу учурундагыга салыштырмалуу кабыл алынган чечимдерге жакшыраак таасирин тийгизүүсүн кепилдейт. Бүгүнкү күндө дүйнөдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу моделдеринин кеңири түрү бар. Анткен менен алардын баарын беш негизги белги мүнөздөп турат[3]. Аларды биз Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында көрүп келатабыз. Бул болсо Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу орун алып калганынан кабар берет (1-таблицаны караңыз).

[1] БУУнун чөлгө каршы күрөш боюнча конвенциясы. http://www.uNccd.iNt/eN/about-the-coNveNtioN/Pages/Text-overview.aspx
[2] http://www.uN.org/documeNts/ga/res/41/a41r128.htm
[3] CoheN J.M, PeterseN S.B., Административдик децентралдаштыруу: өнүгүп келаткан өлкөлөр үчүн стратегиялар, 18-бет. 2015-жылдын 13-14-март күндөрү Бишкекте өткөн «Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним» аттуу эл аралык конференцияда Р.Лепринин «Коомчулуктун катышуусу жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүнүн фактору катары: эл аралык тажрыйбага сереп» докладынын тексти боюнча келтирилди.

***1-таблица. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу моделинин негизги эл аралык мүнөздөмөлөргө шайкештиги***

| № | ЖӨБдүн эл аралык мүнөздөмөсү | Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| 1 | Мыйзамдар менен белгиленген | Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 8-бөлүм жана көптөгөн мыйзам чыгаруучу жана ченемдик укуктук актылар |
| 2 | Жамаат жашаган так белгиленген чек араларда жайгашкан | КРда ЖӨБ административдик-аймактык бирдикке негизделген, шаарларда жана айылдык аймактарда бар |
| 3 | Шайлоо жолу менен келген кызмат адамдары тарабынан башкарылат | Жергиликтүү кеңештердин депутаттары түз элдик добуш берүү жолу менен шайланат; ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жетекчилерин жергиликтүү кеңеш шайлайт |
| 4 | Жергиликтүү мыйзамдарды иштеп чыгууга жана аларды сактоого ыйгарым укуктуу | Жергиликтүү кеңештер ченемдик укуктук актыларды кабыл алат жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт |
| 5 | Жергиликтүү салыктарды алууга ыйгарым укуктуу | Жергиликтүү бюджеттерге жер салыгы жана мүлккө салык түшүп турат |
| 6 | Жергиликтүү бюджетти башкаруу жана кызматкерлерди ишке алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ | Жергиликтүү бюджеттерди ЖӨБ органдары түзөт жана аткарат; ЖӨБдүн аткаруучу органдары кызматкерлерди өз алдынча ишке алат |

Эмесе, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, анын ичинде Конституция жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышууга болгон саясий укугун тастыктоо менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү үчүн шарттарды камсыздайт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

Жергиликтүү маанидеги маселелер – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан жарандардын тикелей эрк-ниетин билдирүү жолу менен чечилүүчү, тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелери.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү жамааттары тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын төмөнкүлөр түзөт:

1) жергиликтүү кеңештер – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;

2) айыл өкмөтү, мэриялар – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги төмөнкүдөй маселелер карайт:

- тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу;
- муниципалдык менчикти башкаруу;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- калкты ичүүчү суу менен жабдуу;
- калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
- калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- жашты пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;
- турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
- муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;
- жергиликтүү маанидеги маданий жана тарыхый жетишкендиктерди сактоо;
- жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;
- жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;
- тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;
- коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;
- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;
- дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;
- жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, бул болсо Кыргыз Ре-

спубликасынын жер казынасын пайдалануу жөнүндө мыйзамдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына өткөрүлүп берилген.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырылат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;
- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши;
- жамааттардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;
- коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы.

## Манипуляциялоодон кызматташтыкка карай эволюция


**Жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу –** бул башкаруу системасынын демократиялуулугунун белгиси. Эгерде биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруу системасынын эң демократиялык бөлүгү болгонун айтып жатсак, анда катышуу да чыныгы, реалдуу, баары үчүн бирдей болуш керек. Башкача айтканда, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу тараптардын өнөктөштүгүн билдирет. Өз ара көз карандуулукка, өз ара урматка, жамааттагы турмуш шартты жакшыртуунун үстүнөн биргелешип иштөөгө даярдыкка негизделген өнөктөштүк.

Бул жаран менен башкаруу органынын ортосундагы өнөктөштүк тууралуу сөз да болбой турган диктатордук жана демократиялык эмес башкаруу системасынан түп тамыры менен айырмаланат. Мындай учурда мамлекет же башкаруу органы жаранды таасир этүүнүн объектиси, атүгүл өзүнүн максаттарына жетүү үчүн манипуляциялоонун предмети катары гана карап калат. Бул Рим ураган доордо рим императорунун керт башынын пайдасын ойлогон максатпы, же XX кылымдын башындагы революционерлер көздөгөн максатпы – маанилүү эмес. Маанилүүсү – бул максаттарды бийлик өзү койгон жана алар жарандын керектөөлөрү менен эч байланышпайт. Мындай системада жаран менен башкаруу системасынын ортосундагы өз ара аракет манипуляциялоо катары мүнөздөлөт.

Бизди демократияга жакындаткан экинчи баскыч бул – маалымдоо. Мында бийлик жаранды маалыматтын кандайдыр бир көлөмү менен «сугарып коёт». Анткен менен бул маалыматтын көлөмүн өз алдынча аныктайт жана мындай учурда процесс бир тараптуу мүнөзгө ээ. Башкача айтканда бийлик мурдагыдай эле оюндун эрежесин жана иш-аракеттердин тартибин аныктаган субъект, ал эми жаран бийлик «коё берген» маалыматты алуу менен чектелген пассивдүү объект бойдон кала берет. Мындай кырдаал Советтер Союзу, ошондой эле XX кылымдын 90-жылдары мурдагы СССРдин аймагында жаңы пайда болгон мамлекеттер үчүн мүнөздүү көрүнүш болчу.

Өз ара аракеттин үчүнчү баскычы – кеп-кеңеш берүү – эки тараптуу мүнөздү алып жүрөт, пикирлер менен эркин алмашууну, мунаса табууну билдирет. Анткен менен чечим кабыл алуу укугу башкаруу органында же мамлекетте кала берет, ушуну менен бирге бийлик жарандын үнүнө кулак салышы да мүмкүн, анын пикирин көңүл сыртында калтырып коюушу да ыктымал. Өз ара аракеттин бул баскычы Кыргыз Республикасында иш жүзүндө болуп келаткан реалдуулукту, өзгөчө жаран менен мамлекеттин өз ара мамилелеринде түзүлгөн кырдаалды чагылдырат. 2015-жылы Кыргызстанда мамлекеттик башкаруу органдарынын алдында коомдук кеңештерди түзүү практикасы кеңири жайылды: башкаруу системасындагы ар кандай маанилүү чечимдер же жаңылыктар, эрежеге ылайык, жарандык коомдун катышуусу менен кеңири талкууланат, ал эми мамлекеттик бийлик органдары дайыма болбосо да көп учурда жарандык коом берген сунуштарды четке какпайт.






Жаран менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун байланыштарына токтоло турган болсок, бул жерде өз ара аракеттин төртүнчү баскычы – өнөктөштүк тууралуу айта берсек болот. Ал эки тараптын тең пикирлерин эсепке алуу менен чечим кабыл алуунун биргелешкен процессин гана эмес, ошону менен бирге жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу кабыл алган чечимдердин кесепеттери үчүн жоопкерчиликти чогуу бөлүшүүнү да түшүндүрөт. Бул окуу китебинде биз дал ушул өнөктөштүк тууралуу кеп кылып жатабыз. Өнөктөштүк бир заматта жана өзүнөн өзү пайда боло калбайт. Өнөктөштүктү түзүү үчүн биргелешкен аракеттер, тосмо кыймыл керек, ал болсо кырдаалды, абалды, өнөктөштөрдүн артыкчылыктарын жана керектөөлөрүн, ошондой эле анын мүмкүнчүлүктөрүн жана ыйгарым укуктарын изилдөөдөн башталат.



**Жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары гана изилдебеш керек. Ошону менен бирге жарандар да жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүнөн жана ыйгарым укуктарынан кабардар болушу абзел.**





# Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели

**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели (ЖЖӨБК модели) –** бул КР мыйзамдары менен каралган иш-чаралардын комплекси. Ал бир жагынан ЖӨБ органдарына жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамаат алдында жоопту болуп, жарандарды коомдук мааниге ээ болгон, анын ичинде жергиликтүү ресурстарды бөлүштүрүүгө байланышкан маселелерди кабыл алууга тартууну караштырса, экинчи жагынан жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга карата өзүнүн конституциялык укугун ишке ашырууга жол берет.

ЖЖӨБК модели эки тараптын тең – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү жамааттын жигердүү жана тең укуктуу өнөктөштүгү дегенди билдирет. Бул өнөктөштүктүн негизги максаты – муниципалитеттеги турмуш шартты жакшыртуу. Ошону менен бирге муниципалитет дегенде административдик-аймактык биримдиктин территориясын; ошол аймакта жашаган калкты; ошондой эле аталган аймактагы турмуш тиричилигине байланышкан маселелерди калктын кызыкчылыгында чечкен башкаруу органын камтыган үч мүнөздүн биримдигин – үчилтигин[1] түшүнүш керек. Балким бул үчилтиктин эки бөлүгү – калк жана башкаруу органы – субъект болуп эсептелет, башкача айтканда, кырдаалга же объектке таасир этчүлөр, ал эми аймак (анын ичинде материалдык жана материалдык эмес шарттар) ошол таасирге кабылган объект. ЖЖӨБК модели мына ушул үч мүнөздүн биримдигине негизделген жана муниципалитеттин аймагында жашоонун материалдык жана материалдык эмес шарттарына карата калктын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн дагы да жакшы канааттандыруу максатында калк менен башкаруу органдары жасаган иш-аракеттердин жыйындысы.

Моделдин биргелешкен, эки тараптуу, инклюзивдүү мүнөзүнө карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясий эрки, баамдалган чечими болбосо, аны практикада ишке ашыруу да мүмкүн болбойт. Дал ушул ЖӨБ органдары, мыйзамдарга ылайык, жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу укугун ишке ашыруусу үчүн зарыл болгон шарттарды жана чөйрөнү түзгүдөй жетиштүү ыйгарым укукка ээ. Ошондуктан көп учурда идеяны жайылтуу жамааттын же жарандык коом уюмдарынын жигердүү өкүлдөрүнүн сунушунан башталганына карабастан, моделди жайылтуу боюнча формалдуу демилгени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрү көтөрүп чыгыш керек.


ЖЖӨБК модели ар кайсы жылдары Кыргызстан боюнча жүздөгөн муниципалитеттерде ишке ашырылган ар түрдүү долбоорлордун жана программалардын көптөгөн аракеттеринин натыйжасында пайда болду. Моделдин ар бир элементи өз-өзүнчө жергиликтүү жамааттардын өтө көп сандагы өкүлдөрүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, жарандык коом уюмдарынын көпчүлүк өкүлдөрүнө абдан жакшы белгилүү. Ошондуктан бул модель «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорун[2] аткаруу процессинде сүрөттөлсө да, анын автору деп шарттуу түрдө коомду атаса болот.

Жарандардын катышуу модели катышуунун өзү өңдүү эле үзгүлтүксүз циклдүү мүнөзгө ээ. Ошондуктан графикалык жактан тегерек формасында чагылдырылган.

Моделдин иш-чаралары бюджеттик процесс, тандалма цикл, орто мөөнөттүү программалык пландоо өңдүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасындагы формалдаштырылган процесстерге байланышкан. Ошол эле кезде модель жергиликтүү жамааттардын тиричилигинин бейформал өзгөчөлүктөрүн, менталитеттин өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Бир жагынан модель мисалы, элеттик чогулушта маанилүү маалыматты талкуулоо адаты өңдүү жамааттын салттарын жана жүрүм-турумдук стереотиптерин эсепке алат. Экинчи жагынан кызмат көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүү жана баалоо өңдүү катышуунун заманбап усулдарын колдонууну караштырат. Салт-санаалардын, башкарууда заманбап тенденциялардын жана КР мыйзамдарындагы талаптардын айкалышуусу жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу моделин жандуу жана ийкемдүү кылат. Бул болсо өнүгүп-өсүп, зарыл болгон ресурстарды көбөйтүү менен жамааттын турмушундагы материалдык жана материалдык эмес шарттарды чындап жакшыртууга жол ачат.

[1] Үчилтик – үч нерсенин, кубулуштун, мүнөздүн биримдиги. Ефремованын азыркы орус тилинин түшүндүрмөлүү сөздүгү. Интернеттен төм. шилтеме боюнча таба аласыз: http://dic.academic.ru/dic.nsf/efremova/ 255807/Триединство

[2] Каржылоо – Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги. Аткаруучу – Өнүктүрүү саясат институту.




Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели сегиз негизги этаптан турат. Алардын ар бири өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси менен көтөрүлүп, бирок жамаат менен биргеликте аткарылган ырааттуу аракеттердин жана иш-чаралардын топтомун камтыйт. Таблицада бул иш-чаралар кыскача сүрөттөлдү, бирок «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» окуу материалдарынын топтомунун беш бөлүгүндө тең кеңири баяндалат.

| ЖЖӨБК моделинин этаптары | ЖЖӨБК моделинин этабына кошулган иш-чаралар |
|---|---|
| 1. Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) | ЖӨБ органдарынын калктын артыкчылыктуу керектөөлөрүн изилдөө зарылдыгы тууралуу саясий чечим кабыл алуу |
| | ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү үчүн жумушчу топту түзүү |
| | ЖМБАны уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш-чаралар графигин иштеп чыгуу |
| | Маалымат чогултуу жана айылдагы кырдаалды изилдөө (ЖМБАнын максаттары, ошондой эле ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жана ыйгарым укуктары тууралуу бир эле учурда маалымат жайылтуу менен коштолот) |
| | Айылдын артыкчылыктуу, бирок чечилчү көйгөйлөрүн аныктап алуу жана айылдын көйгөйлөрүнө андан ары талдоо жүргүзүү: бул көйгөйлөрдүн пайда болуусуна эмне себеп болду жана алардын кесепеттери кандай, эгерде эч кандай чара көрбөсө, аракетсиздиктин натыйжасы кандай болот |
| | Айылдык аймак, окшоштугу жана муктаждыктары жагынан артыкчылыктуу көйгөйлөрдү бириктирүү. Биринчи кезекте чечилиш керек болгон маселелерди алардын калктын түрдүү топторуна таасирин эсепке алуу менен бөлүп чыгуу |
| 2. Демилгелүү топторду түзүү | Артыкчылыктуу маселелерди биргелешип талкуулоо жана аларды чечүүнүн жолдорун чогуу издөө |
| | Артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча демилгелүү топторду түзүү. Демилгелүү топторду түзүүдө калктын түрдүү топтору камтылганын, жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулуктун сакталуусун эсепке алуу зарыл. |
| 3. ЖӨБ органдарынын жана жамааттын Биргелешкен аракеттер планын (БАП) иштеп чыгуу | Жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биринчи кезекте чечилүүгө тийиш көйгөйлөрү боюнча Биргелешкен аракеттер планды (БАП) иштеп чыгуусу |
| | Элеттик чогулуштарда, коомдук угууларда жергиликтүү жамаат менен артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер планын талкуулоо |
| 4. БАПтын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы | Жергиликтүү кеңештин сессиясында Биргелешкен аракеттер планын карап чыгуу жана бекитүү |
| | Биргелешкен аракеттер планынын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы |
| 5. БАПты аткаруу | Өзгөчө артыкчылыктуу маселелерди чечүү үчүн Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу боюнча ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат менен өнөктөштүктө иш алып баруусу. БАПты ишке ашырууда ачык-айкын башкарууну камсыздоо. Жасалган иштер тууралуу калкты үзгүлтүксүз маалыматтар менен камсыздоо |
| 6. БАПтын аткарылышына жана ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүсүнө мониторинг жүргүзүү | БМжБ топторун уюштуруу жана алардын иши, БМжБТ укуктарын жана милдеттерин түзүп чыгуу |
| | БАПтын жана жамаат менен ЖӨБдүн башка демилгелеринин жана долбоорлорунун ишке ашырылышына мониторинг |
| 7. БАПтын аткарылышынын жана ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүсүнүн жыйынтыктарын баалоо | ЖӨБО ишин, ишке ашырылган артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо системасын жайылтуу жана чечимди жергиликтүү документтерге киргизүү тууралуу чечим кабыл алуу |
| | Баалоо боюнча ишти уюштуруу: усулду изилдөө, баалоо жүргүзүү, маалымат чогултуу, иштетүү, талдоо, жергиликтүү кеңешке жана коомчулукка маалымат берүү, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн кандай чаралар көрүлүш керектиги тууралуу чечимдер |
| 8. БАПтын аткарылышы жана ЖӨБдүн иши тууралуу отчет | Элет чогулуштарында, коомдук угууларда, курултайларда Биргелешкен аракеттер планын аткаруу боюнча иштердин жыйынтыктары тууралуу отчет (маалыматтарды жайылтуу) |

# ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдерде жарандардын артыкчылыктарын эсепке алуу

## Жамаат муктаждыктарын биргелешип изилдөө (ЖМБА) – жарандардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыныгы өнүктүштүгүнө карай биринчи кадам

### Эмне үчүн ЖӨБ органынын жетекчилигине калктын пикирин изилдеп чыгуу пайдалуу?

ЖӨБ органдары менен калктын ортосунда диалог түзүлмөйүнчө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү да мүмкүн болбойт. ЖӨБ органдарынын ар кайсы чеимдеринин ийгилиги көп учурда калктын колдоосуна көз каранды. Бул колдоону таба билүү керек. Жамаат анын пикири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү болгонун сезгенде гана жарандар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыша баштайт. Бул болсо жарандарга кайсы көйгөйлөр биринчи кезекте жана кантип чечилиш керектигин өздөрү аныктап алууга мүмкүнчүлүк берет. Көйгөйдү чечүүнүн жолдорун сунуштоо менен калк да жергиликтүү жамааттын өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликтин кайсы бир бөлүгүн өзүнө алат. Жоопкерчиликти ушинтип бөлүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына диалог түзүүдө да, ресурстарды издөөдө да өтө пайдалуу.

Бул ресурстар материалдык да, материалдык эмес да болушу мүмкүн. Жамааттын руханий, моралдык колдоосу акча же эмгек салымына караганда да маанилүү болуп калышы ыктымал. Жамааттын мындай материалдык эмес колдоосу узак мөөнөттүү аракеттерди жана көп материалдык чыгымды талап кылган татаал долбоорду ишке ашырган учурда жетекчилер үчүн өзгөчө маанилүү болот. Жамаат менен биригүү, жоопкерчиликти бөлүштүрүү башкаруунун башка структуралары, анын ичинде текшерүүчү органдар менен өз ара аракетти жеңилдетип, жүйөсүз айыптоолорду болтурбоого көмөктөшөт.

Эмесе, калктын пикирин изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (өзгөчө жетекчилерге!) төмөнкүдөй пайдаларды алып келет:

- өз чыгашаларын жарандардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн актай тургандай пландоо. Бул болсо саясий процессте калктын колдоосун алууга, ошондой эле колдо болгон ресурстарды дагы да рационалдуу бөлүштүрүүгө жол берет;
- функциялар жана ыйгарым укуктары эффективдүү аткарыларына кепилдик;
- жамааттын, анын ичинде кызыкчылыктар боюнча бириккен топтордун структурасын, ошондой эле жакынкы келечекте жаңжал баштоого жөндөмдүү наараазы жарандардын жүйөлөрүн дагы да так түшүнө билүү;
- ЖӨБ органдары көңүл бурарын сезип турган калктын ишенимин арттыруу мүмкүнчүлүгү;
- максаттарга жетүү жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн жарандар менен жоопкерчиликти (кээде чыгашаларды да!) бөлүшүү мүмкүнчүлүгү;
- жергиликтүү өнүгүү үчүн ыктымал кошумча ресурстар тууралуу маалымат алуу;
- мамлекеттик органдар менен өз ара мамилелерде өз позицияны коргоо үчүн жүйөлөр;
- жүйөсүз арызданууллардан жана айыптоолордон оолак болуу, бул текшерүүчү органдар менен мамилелерде өзгөчө маанилүү.

**ЖӨБ органдары пландоодо жана чечим кабыл алууда коомдук пикирди гана эсепке алууга аракеттенбестен, ошону менен бирге аны өзүнүн ички ресурстарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша түзүш керек.**

Жогоруда айтылгандай, өнөктөштүк жана жоопкерчиликти тең бөлүштүрүү эки тарап тең бири-биринин позициясын жакшы түшүнүп, керектөөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу жетиштүү маалыматка ээ болгон учурда гана мүмкүн болот. Ошондуктан калктын пикирин изилдөө менен бирге эле ЖӨБ органы маалымдоо боюнча чараларды да көрүп, буга умтулуш керек. ЖӨБ адамдарга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттерин жана функцияларын, анын ыйгарым укуктарын түшүндүрүп берүүгө тийиш. Мисалы, эмне үчүн пенсияны көбөйтүүнү же космодромду куруп берүүнү өтүнүп, айыл өкмөтүнө кайрылуудан майнап чыкпай турганын айтып бериш керек.

## Ресурстардын таңсыктыгы маалында артыкчылыктардын мааниси

Ресурстар дайыма жетишсиз болуп турат, өзгөчө жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде; бул мамлекеттин жергиликтүү бюджеттер үчүн киреше булактарынын санын чектеп койгонуна байланыштуу болду. Жалпак тил менен айтканда, акча дайыма эле жетишсиз болуп турат. Бир дагы мамлекеттик башкаруу органында, бир дагы муниципалитетте, бир дагы үй-бүлөдө акча ашык болбойт. Негизи эле акча дүйнөдөгү бардык эле бюджетке зарыл, себеби адамдын керектөөлөрү аларды канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө караганда тез өсүп турат эмеспи. Буга байланыштуу кайсы керектөөлөрдү биринчи кезекте канааттандырууга каражат сарпташ керек деген чечимди дайыма кабыл алууга туура келет. Же кайсынысы артыкчылыктуураак? Ошондуктан жергиликтүү бюджетти башкаруу процессинде ЖӨБ органында калктын керектөөлөрүнө жакшыраак жооп кайтаруу үчүн көйгөйлөрдү жана керектөөлөрдү алардын артыкчылыктуусуна жараша бөлүштүрөт. Башкача айтканда ЖӨБ органдары жана калк алдыга коюлган артыкчылыктуу тапшырмаларды жана көйгөйлөрдү кантип чечсе болот, бул үчүн канча каражат талап кылынат, аларды кантип алыш керек, каржылоонун кошумча булактарын, же жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүнүн жолдорун кайдан табууга болот деген суроолорго жооп издеп, буга байланыштуу маалыматтарга муктаж.

Артыкчылыктарды тандоо капиталдык чыгашаларды же инвестицияларды жакшыраак пландоого жардам берет. Өзгөчө узак мөөнөттүү максат анык болуп, бирок ошол максатка жетүүгө жардам берчү жолдор бир нече болгон учурда бул зарыл болот.

Мисалы, жергиликтүү жамааттын аймагында биринчи кезекте эмнени куруш керек – жакшы жолдубу, же бала бакчаныбы? Жолдун курулушу туристтердин санын көбөйтүп, жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүнө көмөктөшүп, жамааттын бакубаттуулугун арттырат. Ал эми бала бакчанын курулушу менен ата-энелер балдарын бакчага берип коюп, дагы да кирешелүү жумуш таап, мында да жамааттын бакубаттуулугу артмак. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзүнө жоопкерчилик алып, жеке өзү, жамааттын пикирин эсепке албастан, бир максатка жеткире турган эки жолдун бирин тандай алабы? Жок деп жооп беребиз. Себеби калктын түрдүү топторунун артыкчылыктары ар кайсы маалда ар башка болот. Мисалы, үй-бүлөлөр бала бакчаны тандап алышы мүмкүн. Анткени бала бакча ата-энелердин колун бошотуп, алардын ишке чыгуусуна гана көмөктөшпөйт. Ошону менен бирге бала бакча жамааттын келечектеги дарамети үчүн да чоң мааниге ээ. Себеби мектепке чейинки даярдыктын сапаты жана бала бакчага баруу – бул билимдүү адамдын пайдубалы үчүн коюлган биринчи таш. Дагы бир үй-бүлө жолдун курулушун тандап алышы мүмкүн. Анткени жай мезгилинде туристтер үчүн шарттарды түзүп койбосо, анда кийинки жазга жолду курууну пландаштырып койгон кошуна жамаат менен атаандаштыкта утулуп калуу ыктымалдуулугу жогору.

ЖӨБ органдарында, айыл өкмөтүндө, мэрияда, муниципалдык уюмдарда жана мекемелерде иштеген адистерде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу боюнча күн сайын аткарылчу тапшырмалары өтө көп. Бул функцияларды аткаруу үчүн да жергиликтүү бюджеттеги каражаттар колдонулат жана бул окуу китебинин авторлору жериндеги бийлик өкүлдөрүнө жаңы эле аныкталган көйгөйлөрдү чечүүнү, Ч көчөсүндөгү жолдун ремонтуна, же Ы айылындагы Х мектебинин чатырынын ремонтуна коомдук каражатты сарптоону сунуштаган жок. Анткен менен жергиликтүү бюджетте муниципалдык менчик объекттерин көрктөндүрүүгө, ремонттоого каралаган каражаттар биринчи кезекте Ч көчөсүндөгү жолдун ремонтуна жана Ы айылындагы Х мектебинин чатырына сарпталыш керек.

ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, талдоо жүргүзгөндөн кийин, жигердүү жарандар менен кеңешкен соң гана кабыл алууга тийиш. Ошондо гана ЖӨБ органы колдоого ээ болуп, идеяны же долбоорду ишке ашыруу үчүн кошумча ресурс алат.

**Ресурстар жетишсиз болуп турган учурда жөнөкөй чечимдер да болбой турганын унутпоо керек жана өзүнүн гана көз карашын туура деп эсептеген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчиси терең жаңылышат. Жамаатта альтернативалуу чечим, жергиликтүү бюджеттин акчасын сарпташ керек болгон башка максат жана көйгөй дайыма табылат.**

## ЖМБА деген эмне?

Башкаруу органдары калк менен дайыма эле эбин таап, эффективдүү иштеше бербейт. Маал-маалы менен башкаруу органынын жетекчилиги тарабынан коомдук пикир менен «шылкылдашуулар», ар кандай популисттик кадамдар болуп турат. Кээде маанилүү социалдык-экономикалык долбоорлорду иштеп чыгууда, реформаларды ишке ашырууда, жергиликтүү жамаат үчүн маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алууда жана аны ишке ашырууда ушундай көрүнүштөр байкалат. Ошону менен бирге коомдук пикирдин дарамети толук колдонулбай калат. Демократиялык башкаруу түрдүү топтордун кызыкчылык-

тарын макулдашууну камсыздаган атайын аспаптарды колдонууну талап кылат. Мындай аспаптардын бири – Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо - ЖМБА[1].

**Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – ЖМБА – бул маалыматты биргелешип чогултуу, ага талдоо жүргүзүү жана иштиі калктын пикири менен кызыкчылыктарын эсепке алуу менен пландоо процесси. ЖМБА – бул дайыма өркүндөтүлүп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу. Алар адамдарга өзүнүн турмуштук тажрыйбасына, жашоо шартына талдоо жүргүзүүгө, топтолгон тажрыйба жана билим менен алмашып турууга жол берет. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалат.**

**Жергиликтүү бюджет, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн каражаттар кантип сарпталып жатканы тууралуу маалыматты ачыктоо ЖМБАнын бардык этаптарынын жана иш-чараларынын милдеттүү жана талашсыз элементи болуп эсептелет. Бюджет тууралуу маалыматты ачык жарыялабастан жарандардын ишенимине ээ болуу, аларды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыштыруу оор болот.**

ЖМБА-иш-чаралар комплекси циклдүү мүнөзгө ээ – алар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп туруш керек. Себеби жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрү бара-бара чечилип турат жана бул жылы башкы көйгөй ичүүчү суу болсо, кийинки жылы же эки жылдан кийин жолдор артыкчылыктуу маселеге айланып калышы мүмкүн.

ЖМБА – бул өзүнө биринин артынан бири ташталган бир нече кадамдарды камтыган иш-чаралардын комплекси[2], алар негизги эки этапка бөлүнгөн – уюштуруучулук жана маалымат-аналитикалык.

Калктын түрдүү топторунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен жамааттын муктаждыктарын изилдөө ЖМБА-нын милдеттүү шарттарынын бири болуп эсептелет. Себеби эркектер менен аялдардын, карылар менен жаштардын, дени сактар менен майыптардын керектөөлөрү ар кандай болушу мүмкүн. Эгерде калктын кайсы бир топтору ЖМБА процесстерине катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калса, анда көйгөйлөрдүн ичинен эң артыкчылыктуусун тандап алуунун жыйынтыктары да бурмаланган болуп калат. Мисалы, эгерде муниципалдык менчик объекттеринин ремонтуна каражат бөлүү маселесин чечип жатканда талкууга эркектер гана катышса, жолдордун ремонтун артыкчылыктуу маселе катары тандап алууда алардын көбүнүн машинеси бар болгону негизги жүйө катары колдонулат. Эгерде талкууга аялдар гана катышса, бала бакчанын ремонту артыкчылыктуу маселе болуп калышы ыктымал. Эгерде талкууга аялдар да, эркектер да катышса, жолдордун ремонтун артыкчылыктуу көйгөй катары тандап алууда жол туристтердин агымын көбөйтүү үчүн шарт түзүп, жергиликтүү бюджетти гана эмес, бир канча үй-бүлөнүн да бюджетин толуктайт деген негизги жүйө болуп калмакчы. Мындай учурда жолдорду оңдоону башкы көйгөй катары тандап алуу талаш жаратпайт.




## Кандай учурларда ЖӨБ органдары ЖМБАны колдонот?

ЖӨБ органдары ЖМБА усулдарын башкаруунун түрдүү процесстеринде кеңири колдоно алат. Өзгөчө ЖМБАны төмөнкү процесстерде жүргүзүү маанилүү:

- аймактын өнүгүүсүн стратегиялык пландоодо;
- муниципалдык социалдык тапшырыкты түзүүдө;
- айрым бир социалдык топторду (аялдарды, балдарды, жаштарды, карыларды, мигранттарды, этникалык топторду) колдоо саясатын түзүүдө;
- мындай документтердин максатын туура аныктоо жана жүрөктү өйкөгөн көйгөйлөрдү чечүү боюнча калктын үмүттөрүн актоо үчүн программаларды, пландарды жана стратегияларды иштеп чыгууда.

**Көпчүлүк эл аралык донордук уюмдар жана долбоорлор, ошондой эле бейөкмөт уюмдар өзгөчө инфраструктуралык маселелер боюнча гранттык жардам берүүдө калктын артыкчылыктуу керектөөлөрүн аныктап чыгууну талап кылат. Ошондуктан ЖМБА-иш-чаралар комплексин жүргүзүү ЖӨБ органдарына тышкы булактардан инвестицияларды тартуунун куралы катары кызмат өтөйт.**

[1] ЖМБА чоң шаарлар үчүн көп туура келе бербейт. Анткени шаарларда калктын саны көп болгондуктан жарандардын катышуусунун репрезентативдүүлүгүн камсыздоо кыйын болот. Шаарларда башка усулдар көбүрөөк колдонулат – социологиялык изилдөөлөр, максаттуу фокус-топтор, эксперттик баалоолор, изилдөөлөр ж.б.
[2] Толугураак ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын 24-беренесинин 4-пунктун караңыз.

## Эмне үчүн ЖМБАнын жыйынтыктарына ишенсе болот?

ЖМБА процесси сапаттуу уюштурулуп, кылдат ойлонуштурулганын тастыктаган бир нече белги же мүнөздөмө бар. Алар:

**Ишенимдүүлүк**: түз жолугушуулар жана жамаат менен талкуулоо учурунда калк өз артыкчылыктарын дагы да ачык билдирет жана ЖӨБ органдарынын ишине, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына баа берет.

**Деталдаштыруу**: бетме-бет талкуунун жардамы менен алынган маалымат зарыл болгон өзгөчө жеке деталдарга бай болот.

**Эффективдүүлүк**: жолугушуунун жигердүү катышуучулары көйгөйдү талкуулоо маалында ошол замат анын себеп-натыйжа байланышын аныктап, чечимдерди сунуштай алат. Эл алдында пикирин билдирип калууга умтулуу менен чакан топтордун лидерлери да аныкталып калат. Алар кийин көйгөйдү чечүүдө жигердүү катышуучу боло алышат (аракеттер планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессинде).

**Маалымдуулук**: ЖӨБ кызматкерлеринин ЖМБА-иш-чараларынын катышуучулары менен түздөн-түз баарлашуусу калк менен ЖӨБ органдары ортосунда маалымат алмашуунун жана кайра байланыш фактысы болуп эсептелет.

**Ишеним**: баарлашууга жана кызматташтыкка болгон ынтызарлык, пикирин жеткирүү жана суроолоруна жооп алуу мүмкүнчүлүгү ЖӨБ органдарына болгон ишенимди жогорулат.

**Коллегиялуулук**: аймак башчыларынын гана эмес, депутаттардын да катышуусу чечимди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жалгыз өздөрү гана кабыл албайт дегенди баамдоого көмөктөшөт; депутаттардын катышуусу алардын жамааттын алдындагы аброюн жогорулатууга жана депутаттардын өздөрүнүн ролун дагы да туура түшүнүүсүнө көмөкчү болот.

**ЖМБА-иш-чаралар комплекси канчага созулат жана канча турат? Төрт аптадан алты аптага чейин созулат. Иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө кеткен чыгымдар кеңсе товарларын сатып алууну камтыйт – флипчаттар же ватмандар, фломастерлер жана маркерлер, өзү жабышчу түстүү кагаздар, скотч ж.б.**

### ЖМБА-иш-чараларынын түрлөрү

ЖМБА-иш-чаралар комплексинин алкагында баары болуп иш-чаралардын бир нече түрү жүргүзүлөт:

- **ЖМБА-сессиялар –** бул «Картирлөө», «Венн диаграммасы», «Токоч», «Көйгөйлөр галереясы» усулдарынын жардамы менен баштапкы маалыматты чогултуу үчүн жыныс-курагы бирдей топтор менен жолугушуулар;
- **ЖМБА-фокус-топтор – бул жергиликтүү жамааттын лидерлери жана ЖМБА-сессияларынын активдүү катышуучулары менен себеп-натыйжа байланыштарды аныктоо үчүн жолугушуулар**;
- **пландоо жолугушуулары –** бул биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу, бардык кызыкдар тараптардын, анын ичинде адистердин жана эксперттердин пикирлерин эсепке алуу, аныкталган көйгөйлөрдү чечүүдө түрдүү тараптардын ыктымал салымдарын аныктоо үчүн жамааттын жигердүү бөлүгү менен жолугушуулар. Мындай жолугушуулар маалында өзүн буга чейинки жолугушууларда жана талкууларда көрсөтө алган, аныкталган артыкчылыктуу көйгөйдү чечүүгө даярдыгын көрсөткөн активисттердин ичинен демилгелүү топтор түзүлөт. Демилгелүү топторду түзүүдө калктын түрдүү топтору киргенин эсепке алуу зарыл, ошондой эле жынысы, жаш курагы жана этникалык (региональдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулук сакталыш керек;
- **чогулуштар –** бул ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыктарын макулдашуу, калкка маалымат жеткирүү, Биргелешкен аракеттер планына толуктоолорду жана сунуштарды чогултуу үчүн жарандардын массалык ачык жыйналыштары[1];
- **коомдук угуулар –** бул жарандардын керектөөлөрүн эсепке алуу жана жергиликтүү бюджетке сунуштарды чогултуу үчүн ЖӨБ органдарынын маанилүү чечимдерин формалдашкан коомдук талкууга салуу (бул жерде жергиликтүү бюджеттин долбоору же жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу жарандарга маалымат берүү үчүн).

## ЖМБА-иш-чараларынын комплексин уюштуруу жана өткөрүү этаптары

Эмесе, биз ЖМБА-иш-чаралар комплекси эки ырааттуу жана бири-бирине байланышкан этаптардан турарын аныктап алдык. Алар:

- **уюштуруучулук;**
- **маалымат-аналитикалык.**

[1] 2011-жылдын 15-июлундагы №101 (2-берене) "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, "жарандардын жыйыны - калктын алар боюнча жергиликтүү жамааттын уставына ылайык сунуштамаларды же чечимдерди кабыл алуу менен, бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган тургундардын чогулушунда аларды талкуулоо жолу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун тикелей формасы".

Белгилей кетели, ЖЖӨБК моделинин биргелешкен аракеттерди пландоого тиешелүү этаптары ушул «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» окуу материалдар топтомунун кийинки, экинчи бөлүгүндө кенен каралат[1]. Окуу материалдар топтомунун бул бөлүгүндө болсо биз ЖМБА-иш-чараларынын комплексин гана карайбыз. Мында болсо жарандар менен ЖӨБ органдары ортосундагы чыныгы өнөктөштүккө жетүү үчүн ким жана кандай аракеттерди жасаш керектигин аныктайбыз.

## ЖМБАнын уюштуруучулук этабы

- ***ЖӨБ органдарынын калктын артыкчылыктуу керектөөлөрүн изилдөө зарылдыгы тууралуу саясий чечим кабыл алуу.***
- ***ЖМБА—иш-чаралар комплексин өткөрүү үчүн жумушчу топту түзүү.***
- ***Жумушчу топтун иш-аракеттер планын иштеп чыгуу жана бекитүү.***

Уюштуруучулук этап – өтө жооптуу учур. Мына ушул этаптан жыйынтыктарга жетүүдө, бардык тараптардын, калктын жана жериндеги бийлик өкүлдөрүнүн өнөктөштүгүн камсыздоодо ийгиликтүү болуп-болбогону көз каранды. Бул этапта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары тандемде өзөктүү ролду ойнойт. ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органы – жергиликтүү кеңештин милдети – жамааттын керектөөлөрүн дагы да кылдат изилдөө жана өз ишин калктын керектөөлөрүнө негиздеп пландоо зарылдыгы тууралуу аткаруучу органга анык белги берүү. Аткаруучу органдын милдети – бул белгини кабыл алып, ага туура реакция жасоо. Мисалы, айыл өкмөт башчысы жумушчу топту түзүү тууралуу тескеме берет жана ЖМБА-иш-чаралар комплексин жүргүзүү боюнча жумушчу топтун иш-аракеттер планын бекитет. Ролдордун башынан эле мына ушинтип бөлүштүрүлүшү бирин-бири кайталаган структураларды түзүүдөн, же «мыйзамдан тыш», б.а., жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын тышында аракеттерди жасоодон оолак болууга жардам берет. Ушул этапта эле модель бардык ЖӨБ органдарына өз функцияларын дагы да эффективдүү жана прогрессивдүү аткарууга, өз укуктарын колдонууга жана милдеттерин КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык аткарууга жардам берет.

### *ЖМБАны өткөрүү тууралуу саясий чечим*

ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү демилгесин жергиликтүү кеңеш көтөрүш керек, бирок аткаруучу орган – айыл өкмөтү же мэрия тарабынан толугу менен колдоого ээ болууга тийиш[2]. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айылдык аймактын кийинки жылга социалдык-экономикалык өнүгүү планын бекитүүдө, же анын аткарылышы тууралуу отчетту угууда ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысына жүйөлүү суроо узатууга тийиш: сиздин планыңыз биздин жамааттын чыныгы керектөөлөрүнө жооп берерин кантип далилдей аласыз жана бул керектөөлөрдү кантип аныктап, аларга кандайча талдоо жүргүздүңүз? Бул суроого татыктуу жооп кайтаруу үчүн башчы ЖМБА аспаптарын колдоно алат. Жумушчу топту түзүүдөн башташ керек, ошону менен бирге ЖМБА жамаатты тартууга багытталган иш-чаралардын комплексин камтый турганын, бул болсо көп убакытты талап кыларын унутпаш керек.

### *Жумушчу топту түзүү*

Инклюзивдүүлүк (тартылгандык) принциби – бул иш жергиликтүү өз алдынча башкаруунун демилгеси менен болсо да, жарандардын катышуусунда аткарылышын талап кылат. Ошондуктан жумушчу топтун курамына кызыкдар жактардын төмөнкү категорияларын кошуу зарыл: айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү; жергиликтүү кеңештин депутаттары; айыл старосталары; жарандык активисттер, калктын түрдүү топторунун өкүлдөрүн эсепке алуу менен.

Топтун сандык курамы ар түрдүү болушу мүмкүн. Ал калктын санына жана муниципалитеттин курамына кирген айылдардын санына жараша болот. Албетте жумушчу топтун жетекчиси да болуш керек. Ал топтун ишин координациялап, документтерди түзүп, жамаатка жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жыйынтыктарды өткөрүп берет.

**Жумушчу топтун жетекчиси АӨ кызматкерлердин ичинен тандалган адис болуш керек. Мүмкүн болсо жетектөөчү кызматты ээлеген адам, мисалы, башчынын орун басары, же жооптуу катчы. Себеби жумушчу топтун жетекчиси ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү жана БАПты иштеп чыгуу процессин уюштуруу үчүн жетиштүү ыйгарым укукка ээ болууга тийиш.**

Жумушчу топтун курамынын саны алты адамдан кем (жана андан да көп) болбош керек. Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн саны муну менен шартталган: ар бир айылда бери дегенде 3 ЖМБА-сессиясын өткөрүү зарыл болгондуктан ЖМБА-сессияларын айылдарда жумушчу топтун эки мүчөсү жүргүзгөнү жакшы. Кыргыз Республикасынын муниципалитеттериндеги иш практикасы көрсөткөндөй, адатта жумушчу топтун мүчөлөрүнүн саны 8ден 12ге чейин жетет. Ал эми жарандык коомдун атынан ААнын аялдар жана жаштар

[1] «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун экинчи бөлүгүн караңыз. Ал «Муниципалитеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы» деп аталат.
[2] Сөз чакан шаарлар тууралуу болуп жаткан учурда гана.

кеңештеринин, же башка тийиштүү уюмдардын мүчөлөрү чыгат.

Жумушчу топтун жетекчиси мүчөлөрдүн катышуусу менен ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш-аракеттер планын түзөт. Андан кийин күнүн белгилеп, жоопттууларды аныктап, иш графигин түзөт. Айыл өкмөт башчысы жумушчу топту түзүү тууралуу буйрук чыгарат жана ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш-аракеттер планын бекитет.

Уюштуруучулук жана маалымат-аналитикалык этаптарда жумушчу топтун милдетине төмөнкүлөр кирет:

- ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү боюнча аракеттердин планын иштеп чыгуу;
- ЖМБА-иш-чараларынын графигин иштеп чыгуу;
- ЖМБА-сессияларынын, ЖМБА-фокус-топторунун, пландоо жолугушууларынын программасын иштеп чыгуу;
- иш-чаралар өтчү жерлерди жана күнүн аныктоо; катышуучулардын тизмесин түзүү;
- катышуучуларды чакыруу;
- кеңсе товарларын даярдап коюу;
- иш-чараларды өткөрүү;
- иш-чаралар боюнча отчетторду түзүү.

Бул милдеттер уюштуруучулук жана маалымат-аналитикалык этаптарда чечилиш керек. Андан кийин – Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу процессинде – милдеттердин чөйрөсү кеңейет, мындан улам жумушчу топтун курамы да кеңейиши мүмкүн[1].

***ЖМБАны пландоо***

Жумушчу топтун реалдуу планынын жана графигинин мисалын, ошондой эле ЖМБА-иш-чараларынын программасын ушул окуу китебинин 3, 4, 5-тиркемелеринен таба аласыз. Документтердин электрондук версиялары дискке жайгаштырылган жана бул окуу китебинин ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелет.

ЖМБА-иш-чараларынын катышуучуларынын тизмесин түзүүдө жергиликтүү жамааттын Типтүү уставына ылайык, бардык иш-чараларга төмөнкүлөр катышарын унутпаш керек:

- 18ге толгон, жынысына[2], расасына, улутуна, тилине, диний ишенимине, кызматтык жана мүлктүк абалына карабастан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү;
- мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик органдарын аймактык бөлүмдөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин ж.б. өкүлдөрү;
- айылдык кеңештин депутаттары;
- айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлери[3].

Иш-чаранын катышуучуларынын конкреттүү тизмеси ар бир иш-чара үчүн өз-өзүнчө, жамааттын структурасына жараша аныкталат.

Эгерде биз жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши тууралуу айтып жатсак, анда жамааттын муктаждыктарын жарандарды жасаган ишине, улутуна, диний ынанымдарына жараша топторго бөлбөстөн жаш курагы жана жынысы боюнча бириккендердин топторунда изилдеш керек. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мааниси жана негизги максаты – адамдын турмуш шартын жакшыртуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун компетенциясына болсо баарына тиешелүү маселелер кирет. Ошондуктан ЖМБА-иш-чараларын өткөрүүдө катышуучулардын тизмеси эрежеге ылайык үч жыныс-курактык категория боюнча түзүлөт («Альтернатива же башка учурлар» баттамада сүрөттөлгөн учурларды кошпогондо)[4]:

- 18ден 35 жашка чейинки аялдар менен эркектер;
- 36 жаштан 55 жашка чейинки аялдар менен эркектер;
- 56 жаштан жогору курактагы аялдар менен эркектер.

*АЛЬТЕРНАТИВА ЖЕ БАШКА УЧУРЛАР*

***Айрым учурларда ЖМБА-сессияларын өткөрүү үчүн аудиторияны башка белгилер боюнча тандап алууга болот. Мисалы, жынысы же жасаган иши боюнча гана: аялдар, студенттер, ишкерлер, пенсионерлер, жумушсуздар ж.б. Мындай усул жамааттын структурасында чындап корголбогон топ болсо, же ЖӨБ органы ошол топтун кызыкчылыгын коргоо үчүн атайын тектоналдык саясатты иштеп чы-***

[1] «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун экинчи бөлүгүн караңыз. Ал «Муниципалитеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы» деп аталат.
[2] Жумушчу топту, демилгелүү топту, БМжБТ түзүүдө ар башка жыныстын өкүлдөрүнүн бирдей киришин камсыздоо сунушталат. Азчылык бери дегенде 30% түзүш керек.
[3] Бул тууралуу толук ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын 4-главасынын 24-пунктунан окуңуз.
[4] Өнүктүрүү саясат институту өз тажрыйбасында ЖМБА-сессиясын өткөрүү үчүн жынысы жана жасаган иши боюнча аудиторияны бөлүп көргөн: аялдар, студенттер, ишкерлер, пенсионерлер, жумушсуздар ж.б. Бул практика өзүн актаган жок, анткени топтор өз ичинде ошол топко гана таандык болгон өтө көп өзгөчөлүктүү көйгөйлөрдү таап келген жана жергиликтүү маанидеги маселелерден улам алыстап, өз көйгөйлөрүн талкуулоого көп убакыт кетиришкен. Натыйжада көйгөйлөрдү бардык муниципалитеттин деңгээлинде бөлүп кароо өтө татаалдашып, жаңжалдуу болуп, атүгүл ишти үзгүлтүккө учураткан.

*гууну чечип жаткан учурда ылайыктуу болот. Айталы, жамаатта ички мигранттар көп болсо, жамаатка алардын ыңгайлашуусу боюнча саясат талап кылынса, анда ЖМБА-сессияны ошолордун арасында, ошондой эле кызыкчылыктары максаттуу топтукуна (мисалы, мигранттардын кошуналары) байланышкандардын ичинде жүргүзүү керек. Дагы бир мисал: жаштар көп жашаган жамаат жаштар саясатын жайылтуу менен алектенет, ошондо ЖМБА-сессиясынын катышуучулары болуп жамааттын жаштары эсептелет. Дагы бир учур – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бейөкмөт уюмдарга социалдык кызмат көрсөтүүгө буюртма берген учурда мамлекеттик (муниципалдык) социалдык тапшырыкты түзүү үчүн керектөөлөрдү аныктоо. Ошол кызмат көрсөтүүлөргө талап бар болгонун туура аныктап алуу үчүн да бардык айылдын эмес, конкреттүү социалдык топтун, мисалы, мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын же адамдардын; кары адамдардын; жетим балдардын; жалгыз бой энелердин ж.б. муктаждыктарын биргелешип изилдөө усулу колдонулат. Мындай учурда ушул иш-чараларды өткөрүү үчүн топту конкреттүү максаттуу аудиториянын өкүлдөрүнөн түзүш керек.*

*Альтернативалык учурларда топту түзүүнүн түрдүү критерийлери колдонулат. Мисалы: социалдык-экономикалык статус, же ишмердик түрү; жынысы; билим деңгээли; диний ишеними; улуту же расалык тиешелүүлүгү; үй-бүлөлүк абалы; кошуна жашаганы (бир көчө, бир квартал); же ЖМБА тапшырмаларына ылайык иштелип чыгышы мүмкүн болгон башка сапаттар.*

Ал эми ЖМБА-сессияларына катышуу үчүн топтордун саны калктын санына, айылдын, тиги же бул категориядагы жарандардын санына жараша түрдүү болушу мүмкүн. Эрежеге ылайык, ар бир айылда жыныс-жаш курак топтору боюнча үч ЖМБА-сессия өткөрүлөт. Алардын ар бирине 20дан кем эмес киши катышат (18ден 35ке чейинкилердин, 36дан 55ке чейинкилердин, 56дан жогору жаштагы жарандардын тобу). Эгерде айыл чоң болсо, ЖМБА-сессиялардын саны жумушчу топтун ылайыгына жараша алтыга чейин көбөйтүлүшү мүмкүн. Башкача айтканда, ар бир жыныс-жаш курак топтору үчүн экиден сессия өткөрүлөт.

Катышуучулардын тизмесин түзүүдө гендердик өңүтүн эсепке алуу зарыл. ЖМБА-иш-чараларында аялдардын жана эркектердин добушу бирдей жаңырышы үчүн алардын санын жетиштүү камсыздоо маанилүү. Кыргыз Республикасындагы элеттик жашоо практикасын эсепке алуу менен аялдардын демилгелүү топтордун жана биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун ишиндеги катышуусу жетишсиз[1].

| Катышуу формасы | Катышуучулардын жалпы саны | Алардын ичинен аялдар | Аялдардын үлүшү, % менен |
|---|---|---|---|
| ЖМБА-иш-чаралары | 22500 | 8049 | 36 |
| Демилгелүү топтор | 490 | 120 | 24 |
| Бюджет боюнча коомдук угуулар | 2725 | 1791 | 66 |
| Биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору | 203 | 25 | 12 |
| ЖӨБ органдарынын иши тууралуу отчетторду угуу үчүн чогулуштар | 5100 | 1526 | 30 |
| Аялдардын катышуусунун орточо үлүшү | | | 33,6 |

ЖМБА-иш-чараларынын катышуучуларынын тизмесин түзүүдө ага борбордук айылдын борбордук көчөсүндөгү жашоочуларды гана эмес, айыл четиндегилерди, алыскы айылдардын жашоочуларын да кошуу өтө маанилүү.

Жамааттын пикирин изилдөөгө түздөн-түз киришерден мурда жумушчу топ анын мүчөлөрүнүн баары ЖМБА усулдарын жакшы билерин текшерип алыш керек. Себеби эгерде жамаатта буга чейин ушул эле усулдарды колдонуп жүргөн эл аралык донордук долбоор иш алып барбаса, анда аны билгендер да жокко эсе болушу мүмкүн. Ошондуктан уюштуруучулук этаптын маанилүү бөлүгү – жумушчу топтун мүчөлөрүн кийинки бөлүмдө сүрөттөлгөн усулдарды колдонуу менен ЖМБА-сессияларын өткөрүүгө үйрөтүү.

ЖМБА-сессияларды жана ЖМБА-фокус-топторун өткөрүү үчүн жумушчу топ тиешелүү жай табыш керек. Ал жерге бир топ, же болжол менен 20-25 киши баткыдай болуш керек. ЖМБА-сессияларды бардык топтор менен ошол замат өткөрүү оор жана майнапсыз. Жашоочулардын ЖМБА-сессия өтчү жерге чейин узак жол жүрүп жеткени туура эмес. Эгерде муниципалитет бир нече айылдан турса, жумушчу топтун мүчөлөрү ар кайсы айылда бир нече жайды тандап алганы туура болот. Кыргызстанда адатта жолугушууларды өткөрүү үчүн мектептерди, клубдарды, муниципалдык мекемелерди колдонуп келишет. Атүгүл маал-маалы менен жумушчу топтун мүчөлөрү активисттер менен макулдашып, кээ бир ЖМБА-сессияларды алардын үйүндө өткөрүшөт.

Пландоо жолугушуулары, чогулуштар жана угуулар көп сандагы адамдардын – 50дөн 150гө чейин кишинин катышуусун талап кылат. Бул максаттар үчүн мектептердеги, айыл өкмөтүндөгү, клубдагы же

[1] Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги каржылаган, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жопокерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун 2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы практикасы.

башка административдик имараттагы жыйындар залы туура келет.

ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү көп болбосо да, кандайдыр бир чыгымды талап кылат. Бери дегенде флипчат же ватман, маркер же фломастер, калем саптар, скотч, кайчы жана өзү жабышчу түстүү кагаз – стикерлер керек болот.

**ЖМБАнын уюштуруучулук этабынын башкы катышуучуларынын милдеттери:**

- **жергиликтүү кеңештин милдети – жамааттын, анын ичинде бардык топтордун чыныгы керектөөлөрү тууралуу чогултулган маалыматка талдоо жүргүзүүнүн негизинде айыл өкмөтүнүн ишин пландоо бөлүгүндө (аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү планы, аймактын өнүгүү стратегиясы, ААны өнүктүрүү программасы ж.б. документтерди кошкондо) аткаруучу органдын үстүнөн көзөмөлдү камсыздоо;**
- **айыл өкмөтүнүн милдети – жамааттагы кызыкчылыктар тобун эсепке алуу менен ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү үчүн жумушчу топту түзүү, зарыл болгон минималдык ресурстар менен камсыздап, ошондой эле ЖМБА усулдарын окутуу менен, анын ишин пландоо жана уюштуруу;**
- **жамааттардын милдети – өз укуктарын, анын ичинде айыл өкмөтүнүн же мэриянын ишин пландоодо, стратегиялык пландарды, аймакты өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууда аткаруучу орган жамааттын пикирин эсепке алуусуна көз салып турууну жергиликтүү кеңештен талап кылуу укугун билүүсү.**

### *ЖМБА-иш-чаралар комплексин пландоодо ЖӨБ органдарынын типтүү каталары*

- Эл аралык донордук уюмдун грантын алуу үчүн гана жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоону өткөрүү.
- Пассивдүү позиция, мындай учурда ЖӨБ органы ЖМБАны өткөрүү боюнча болгон ишти сырттан келген консультанттардын колуна өткөрүп берет.
- ЖМБА өткөрүүдө ЖӨБ органынын лидерликти жоготуп алуусу, лидерликти башка жактарга өткөрүп берүүсү.
- Кеңсе буюмдарын үнөмдөө.
- Жарандарды ЖМБА-иш-чараларына формалдуу гана тартуу.
- Маалымат өнөктүгүн жүргүзүү үчүн аракеттердин жетишсиздиги. Себеби жарандардын ЖМБА-иш-чараларына катышуусунун төмөн болушунун себептеринин бири – жарандардын жетиштүү деңгээлде маалымдалбаганы.
- ЖМБАга убактылуу көрүнүш катары мамиле жасоо.
- Жарандардан өтө көп талапты, ошону менен бирге ЖӨБ органы бул көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмсүз дегенди угуп калуудан коркуу.

### *ЖМБАнын уюштуруучулук этабындагы документтер*

- ЖМБАны өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу айыл өкмөт башчысынын тескемеси (1-тиркемени караңыз).
- ЖМБАны өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш планын жана графигин бекитүү тууралуу айыл өкмөт башчысынын тескемеси (2-тиркемени караңыз).
- ЖМБАны өткөрүү боюнча жумушчу топтун болжолдуу иш планы (3-тиркемени караңыз).
- ЖМБА-иш-чаралар комплексинин болжолдуу графиги (4-тиркемени караңыз).
- ЖМБА-сессиялар программасынын үлгүсү (5-тиркемени караңыз).
- ЖМБА-сессиясынын катышуучуларынын тизмеси (6-тиркемени караңыз).

Керектүү жыйынтыкка, катышуучуларды чогуу иш алып баруусуна, жумушчу топтун мүчөлөрүнүн эффективдүү өз ара аракеттенүүсүнө жетүү үчүн ЖМБА-иш-чараларын өткөрүүгө даярдык көрүп жаткан-да ЖӨБ органдарына төмөндө келтирилген үлгү боюнча текшерүүчү баракты толтуруу сунушталат. Эгер-де сиз бардык суроолорго «ооба» деп жооп берсеңиз, демек ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүүгө даярсыз.

| Суроо | Жооп («ооба» же «жок») |
|---|---|
| ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү боюнча жумушчу топ түзүлдүбү? | |
| Жумушчу топтун мүчөлөрү үчүн окуулар өткөрүлдүбү? | |
| Иш-чаралардын программалары даярбы? | |
| Кеңсе товарлары сатып алынып, бөлүштүрүлдүбү? | |
| Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн ролдору бөлүштүрүлдүбү? | |
| ЖМБА-иш-чараларынын графиги аныкталдыбы? | |
| ЖМБА-иш-чараларынын катышуучулары чакырылдыбы? | |

| ЖМБА-иш-чаралары өтчү жер даярбы? | |
|---|---|

## ЖМБАнын маалымат-аналитикалык этабы. Усулдардын сүрөттөлүшү

- ***Маалымат чогултуу жана айылдагы кырдаалды изилдөө (бир эле учурда ЖМБАнын максаттары, ошондой эле ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жана ыйгарым укуктары тууралуу маалыматты жайылтуу менен коштолот).***
- ***Айылдын көйгөйлөрүн аныктоо жана андан ары ага талдоо жүргүзүү: ошол көйгөйдүн пайда болуусуна эмне себеп болду жана анын кесепеттери кандай?***
- ***Биринчи кезекте чечилиш керек болгон маселелерди тизмектөө, алардын ичинен артыкчылыктуусун тандап алуу.***

Эмесе, ЖМБАнын маалымат-аналитикалык этабы пландалды, жумушчу топ толук даярдыкта турат. Катышуучулар белгиленген саатка, жолугушчу жерге келүү үчүн алдын ала чакырылды. Жумушчу топтун мүчөлөрү өз топторунда иштөө үчүн даяр турат, алардын колунда зарыл материалдар бар. Эми Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун төмөнкү усулдарын колдонуу үчүн убакыт жетти: картирлөө, Венн диаграммасы, «Токоч» жана Көйгөйлөр галереясы.

***Картирлөө***

Картирлөө усулу маалымат чогултуп, төмөнкү суроолорго жооп алууга жол ачат.

- Айылдын тарыхый борбору башында кайсы жерде болгон? Айыл кайсы багытта кеңейип келди?
- Кайсы ресурстар жетиштүү санда, ал эми кайсылары жетишсиз? Кайсы ресурстар колдонулбайт? Кайсы ресурстар түгөнүп баратат?
- Социалдык жана инфраструктуралык объекттердин абалы кандай: жаңы, эми гана курулуп жатат, ремонтту талап кылат, эски, урап баратат?
- Таза ичүүчү суу барбы? Сугат суу барбы?
- Жерди, сууну, башка маанилүү ресурстарды колдонуу маселесин ким чечет?
- Айылда жалпы колдонуп келген жер барбы? Жалпы пайдаланчу ресурстарды ким башкарат?
- Суу, отун, малга жем үчүн жашоочулар кайда барышат? Бул канча убакытты алат? Беш жыл мурда канча убакытты алчу?
- Белгиленген ресурстардын кайсылары өзгөчө көйгөй жаратат? Эмне үчүн?
- Жолдордун абалы кандай?
- Үйлөрдө жана көчөлөрдө жарык барбы?
- Мончо, ФАП, дүкөндөр барбы?
- Клуб, же спорт залдар барбы? Жаштар бош убактысын дагы кайсы жерде өткөрүшөт?

**Картирлөө –** бул жашоочулардын иш жүзүндө айылдын картасын өздөрү тартып чыгуусу. Бул усул жергиликтүү жамаатты жана анын ресурстук базасын билүү каражаты катары кызмат өтөйт. Картаны түзүүдө негизги тапшырма картографиялык тактыкта эмес, жергиликтүү ресурстарды кабылдоо тууралуу зарыл маалыматты чогултууда жатат. Картирлөө маалында аялдар жана жаштар тарабынан көбүрөөк талап кылынган жерлерди жана ресурстарды белгилеп коюу талапка ылайык. Мисалы, сууга көбүнчө аялдар жана балдар барат, мечитке эркектер ж.б. Бул усул ресурстук базаны үйрөнүп-билүүдө, жергиликтүүлөрдүн ресурстарды кабылдоосу тууралуу маалымат чогултууда, көйгөйдү аныктап, айтып чыгууда катышуучуларды активдештирүү үчүн колдонулат. Усул адамдарга өзүн кызыктуу оюндун катышуучусу катары сезүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен, аларды бир аз бала чакка кайтаргандай болот. ЖМБА-сессиясынын катышуучулары адатта өзүн эркин сезип, картаны чийүүгө жигердүү тартылышат. Бул ишке жаш курагына карабастан аялдардын да, эркектердин да бирдей катышуусу усулдун кошумча баалуулугу болуп эсептелет. Ошондуктан бул усул ЖМБА-сессиясынын эң башында колдонулат. Мындан тышкары картирлөө элеттиктер менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын атынан чыккан жумушчу топтун мүчөлөрүнүн ортосунда маңыздуу жана ачык баарлашуу форматын орнотууга жол берет.

Катышуучулар алар үчүн маанилүү болгон объекттерге көңүл буруу менен картанын мазмунун аныктап алыш керек. Карталарга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- инфраструктураны (жолдор, үйлөр, курулмалар);
- суу участокторун жана ресурстарды;
- айдоого жарамдуу жерлерди (маданияттын көп түрдүүлүгү жана алардын жайгашуусу);
- агроэкологиялык зоналар (топурак, эңкейиштер, дөңсөөлөр);
- токойлор;
- жайыттар;
- дүкөндөр, базарлар;
- медициналык клиникалар, мектептер жана диний кызматтар;
- атайын колдонуудагы жерлер (автобус аялдамалары, көрүстөндөр, культтук курулмалар).

Жумушчу топтун мүчөлөрү ЖМБА-сессиясынын катышуучуларынан бардык маанилүү объекттерди

тартып берүүнү өтүнүшөт. Иш маалында катышуучуларга тоскоол болууга тыюу салынат. Объекттердин маанисине байланыштуу суроолорго жана түзөтүү киргизүүгө гана уруксат берилет.

Картаны түзүп бүткөндөн кийин катышуучулар аны сүрөттөп берип, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн талкуулашат. Зарыл болгон учурда суроолор узатылат.

**Катышуучулардан ушул тапта айылда болбогон, бирок жарандар аны келечекте көргүсү келген айрым бир объекттерди картада көрсөтүп коюуну өтүнсө болот. Бул жерде жамаат тарабынан ар кандай идеялар колдоого алынарлык.**

*МИСАЛ. ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛЫНДАГЫ ЖМБА-СЕССИЯ.*

*Катышуучулар чоң кызыгуу менен айылдын картасын тартып, анда көйгөйлүү объекттерди белгилеп жатышты. Картирлөө өз жамаатын таанып-билүү процессине тартып, жалпы көрүнүшүнө талдоо жүргүзүп, өз үйүнүн, же көчөнүн деңгээлинде эмес, айылдын масштабында ой жүгүртүүгө жардам берет. Картирлөө ЖМБА-сессиясынын катышуучуларынын көңүлүн ээлеп, эч ким көнүгүүгө каршы болгон жок, ар бир адам картага өз салымын кошууга умтулуп жатты.*

*Картирлөө ЖМБА-сессиясынын башталышына абдан туура келет. Ал катышуучуларды айылдын көйгөйлөрү канчалык даражада тынчсыздандырарын, кызыгуу канчалык болгонун, бул жолугушууга катышууга канчалык даяр экенин жана талкуу процессинде өзүн канчалык активдүү көрсөтө аларын аныктаганга жардам берет. Элеттиктердин көбү айылда кандай көйгөйлөр болгонун жакшы түшүнөт, «талуу жерлерди» оңой атап берет. Ошондуктан алар ЖМБА-сессиялардын алкагында өздөрүн ишенимдүү сезишет. Төрткүлдүктөр картирлөөнү жеңил аткарып, башкы көйгөйлөрдү көрсөтүп бере алышты.*

*Мисалы: айылдын ичиндеги жолдорго асфальт төшөлгөн эмес жана алар начар абалда турат; арык системасы иштебейт жана жаанчыл мезгилде жолдордо арыктар пайда болуп, машине өтө албай кыйналат. Жалпынын пикири боюнча, айыл өкмөтү жолдор менен дээрлик алектенбейт.*

*Көпүрөлөр: айылда аварийлык абалда турган көпүрөлөр бар. Кара-Суу участогу аркылуу дарыя агат, туурасы үч метрдин тегерегинде, ал жерден көпүрө аркылуу гана өтсө болот, бирок анын абалы өтө начар.*

*Атүгүл борбордук көчөлөрдө да жарык жок. Караңгыда жашоочулар үйүнөн чыкпай отурат. Жаңы конуштун жашоочулары РЭСтен уруксат албастан өздөрү эле электр энергиясынын линиясын тартып алышкан.*

*Таштанды уюштурулган мүнөздө чыгарылбайт, жашоочулардын ар кимиси өзү таштанды чыгарып, ылайыксыз жерлерде таштанды туш келди жатат.*

*Төрт-Күл айылында ичүүчү суу бир күндө эки саат гана берилет. Ал айылдын башында болжол менен эки километр аралыкта жайгашкан булактан чогултулган резервуардан келет. Анда топтолгон суу 1,5-2 саатка гана жетет, калган учурда калк жакын жердеги өзөндөн суу алууга мажбур. Бул жерден мал да суу алат, ал эми ал көп учурда бруцеллез менен ооруй турганын эске алганда, айылда ичеги жана тери оорулары кеңири жайылганы таң калычтуу эмес. Жаңы конуштарда суу менен камсыздоо системасы өткөрүлгөн эмес. Жашоочулар жетишип калса, сууну башка айылдардан алып келет. Болбосо алар да өзөндөгү сууну колдонууга мажбур.*

### *Венн диаграммасы*

Венн диаграммасы усулу маалымат чогултуп, төмөнкү суроолорго жооп алууга жол берет.

- Табият маселелерине байланыштуу түзүлгөн жергиликтүү топтор барбы? Мисалы, суу пайдалануучулар тобу.
- Экономикалык маселелерге байланыштуу түзүлгөн жергиликтүү топтор барбы? Мисалы, насыя, айыл чарба, өнөр жай топтору.
- Социологиялык маселелерге байланыштуу түзүлгөн топтор барбы? Мисалы, саламаттык сактоо, сабаттуулук, дин.
- Аялдар катыша албаган жергиликтүү топтор барбы? Кайсылар? Эмне үчүн катышпайт? Катышуучулардын жетишсиздигине байланыштуу алар эмнени жоготууда?
- Жергиликтүү уюмдар менен мекемелер ортосунда байланыштар канчалык бекем?
- Кайсы уюмдар калкка кызмат көрсөтүп келет (жеке, мамлекеттик, муниципалдык) жана алардын сапаты кандай? Калк ошол кызмат көрсөтүүлөргө ыраазыбы?
- Уюмдардын жана мекемелердин ишинде ЖӨБ органдарынын ролу канчалык?
- Жамааттардын жана институттардын структурасында коммуникациялык ажырымдар барбы? Миса-

лы, жашоочулардын кайсы бир тобу ал үчүн маанилүү болгон институт менен эч байланышпаган учур барбы?

Картаны тартуу менен айыл тургундары өз айылына толугу менен, бир аз «жогору жактан» кароо, анын өзгөчөлүктөрүн, структурасын жана ресурстарын түшүнүү, эң орчундуу жерлерин аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ушундан кийин Венн диаграммасынын жардамы менен калкты жана институт, мекемелерди изилдөөгө өткөн туура болот. Венн диаграммасы – бул жергиликтүү топтордун (кызыкчылыктарга жараша бириккендердин, жаштардын жана аялдардын топтору, ТСПАКБ, СПА, жамааттар, БӨУ, аксакалдар соту ж.б.), жергиликтүү институттардын (айыл өкмөтү, мектеп, ФАП, клуб, спортклуб ж.б.) жана тышкы топтор менен институттардын (мамлекеттик органдардын райондук бөлүмчөлөрү, социалдык кызматтар, инвесторлор ж.б.) маанисин жана өз ара байланышын изилдөө усулу. Бул усул жергиликтүү калкка кызмат көрсөткөн уюмдарды жана мекемелерди аныктоо, алардын маанисин изилдөө, жарандар, уюмдар, мекемелер ортосундагы өз ара байланышты билүү, ЖӨБ органдарынын жарандардын жашоосунда, уюмдардын жана мекемелердин ишинде ролу тууралуу пикирлерди изилдөө үчүн колдонулат.

Венн диаграммасы флипчатта же ватманда өзүнчө деталдардан чогултулат же кагаз бетине түшүрүлөт. Алдын ала ар кандай көлөмдөгү түстүү тегерекчелерди даярдап коюу керек, же түстүү маркерлерди колдонсо болот. Адегенде алып баруучу катышуучулардан алар үчүн чоң мааниге ээ болгон жергиликтүү жана тышкы топтор менен уюмдарды санап берүүнү өтүнөт. Андан кийин катышуучулар ар бир уюмдун жана топтун тушуна маанилүүлүк даражасына жараша кичинекей, орточо же чоң тегерекчени коюп чыгат. Тишелүү уюмдун аталышы же эн белгиси тегерекчеге жазылат (бардык уюмдар, топтор жана институттар үчүн тегерекчелер мүмкүн болушунча түрдүү түстө болуш керек). Андан кийин катышуучулар мекемелер жана топтор өз ара кантип иш алып барат деген суроого жооп бериш керек. Өз ара иш алып баруу даражасын эсепке алуу менен флипчатка же ватманга тегерекчелерди жайгаштырып чыгууну өтүнүңүз:

- өзүнчө турган тегерекчелер эч кандай байланыш болбогонун билдирет;
- тегерекчелердин бири-бирине тийип турганы мекемелер, же топтор ортосунда маалымат алмашуу бар экенин көрсөтөт;
- тегерекчелердин бирин-бири жарым-жартылай жаап турганы чечим кабыл алууда кандайдыр бир кызматташтык бар болгонун билдирет;
- тегерекчелердин толугу менен бирин-бири жаап турганы – бул чечим кабыл алууда толук кызматташтык.

Мүмкүн болушунча көбүрөөк мекемелерди талкуулап алган маанилүү, анткени катышуучулар аларды өз ара байланыш тибине ылайык коюп чыгыш керек. Орток пикир табылганга чейин көптөгөн талаш-тартыштар болуп, тегерекчелер улам орун алмашып турушу ыктымал. Венн диаграммасынын авторлорун жынысы боюнча бөлүп, эки диаграмма түзгөндө өтө кызыктуу жана көрсөтмөлүү жыйынтыкты алса болот. Аялдар жана эркектер түзгөн диаграммалар жергиликтүү калкка аялдар үчүн өзүнчө, эркектер үчүн өзүнчө кызмат көрсөткөн уюмдар менен мекемелердин өз ара байланышын аныктап чыгууга, ЖӨБ органдарынын жарандардын жашоосунда, уюмдардын жана мекемелердин ишинде ролу тууралуу эркектер менен аялдардын пикирлерин изилдөөгө жардам берет.

*МИСАЛ. ВЕНН ДИАГРАММАСЫ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ «ЧАБАЛ ТОГООЛОРДУ» АЧЫККА ЧЫГАРАТ – КООМДУК УЮМДАР*

*Ысык-Көл облусунда Венн диаграммасынын жардамы менен ЖМБА-сессиясынын катышуучулары алардын айылы Суу пайдалануучулар ассоциациясынын (СПА) кызмат көрсөтүүлөрүнө канааттанбай турганы аныкталды: лотоктор оңдолбойт, адамдар курулуш материалдарын өздөрү сатып алып, ирригациялык системаны оңдогонго мажбур. Бирок ошону менен бирге бир гектар сугат жер үчүн 100 сом өлчөмүндө жыйым төлөшөт. Буга кошумча суу сактагычты калыбына келтирүү үчүн алынган насыяны да төлөшөт. Бала бакчаларда орун жетишсиз, тегирмендин кызмат көрсөтүүлөрү баарына жеткиликтүү боло бербейт. Ал эми мектепке баары ыраазы экени аныкталды. Жалал-Абад облусунун муниципалитеттеринде маанилүү объект катары – чоң тегерек менен – көп учурда мечиттерди, мектептерди, бала бакчаларды белгилеп жатышты. Ошону менен бирге аксакалдар соту, СПА, ТСПАКБ, элеттик бейөкмөт уюмдар өңдүү жергиликтүү коомдук уюмдарды чагылдырган тегеректердин орду көп учурда бош калып атты. Жалпысынан Венн диаграммасы жарандар мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарга караганда коомдук уюмдардын ролуна жана маанисине наразы болгонун көрсөтө алды. Бул болсо ЖМБА-иш-чараларынын уюштуруучулары үчүн да, жарандардын өздөрү үчүн да кайсы бир деңгээлде күтүүсүз болду.*

***«Токоч»***

«Токоч» усулу маалымат чогултуп, төмөнкү суроолорго жооп алууга жардам берет.

- Жергиликтүү бюджеттин каражаттары эмнеге сарпталат?
- АӨ аппаратынын маянасы жергиликтүү бюджеттин канча пайызын түзөт?
- Жергиликтүү жолдордун ремонтуна канча акча сарпталат?
- Катуу-тиричилик калдыктарын (таштандыларды) тазалоого канча акча сарпталат?
- Жергиликтүү бюджеттин каражаттарын сарптоодо калктын пикири изилденеби?
- Бюджет боюнча коомдук угуулар өткөрүлүп турабы?

- Коомдук талкууну – коомдук угууларды кайсы маселелер жана көйгөйлөр боюнча өткөрүш керек?
- Жергиликтүү бюджет боюнча маалымат калк үчүн жеткиликтүүбү?

Эгерде бул суроолорду гендердик белгиси боюнча кеңейтип, буга аялдар жана эркектер кантип катышарын, бул аялдарга жана эркектерге канчалык тиешелүү экенин, бул үчүн аялдар жана эркектер эмне кыла аларын, бул аялдарга жана эркектерге эмне берерин тактап ала турган болсок, анда ЖМБАнын жыйынтыктары дагы да терең болот.

Эмесе, картирлөө жана Венн диаграммасынын жардамы менен айылдын тургундары жумушчу топтун башкаруусу алдында жамааттын структурасын, ресурстардын жана объекттердин бар, же жогун аныктап алышты, кызыкчылыктар боюнча бириккен топтор менен институттардын ортосундагы өз ара аракеттин деңгээлин чечмелеп, байланыштагы ажырымдарды таба алышты. Эми ЖМБА-иш-чарасынын бардык комплекси маалымат чогултууга гана эмес, ошону менен бирге жашоочуларга алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан эмнени күтүүгө жана талап кылууга укуктуу болгонун түшүнүүгө да багытталганын эстегенибиз туура болот.



**ЖӨБ органдары чечимди пландоодо жана кабыл алууда коомдук пикирди эсепке гана албастан, ошону менен бирге аны өзүнүн ички ресурстарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык түзүш керек.**

ЖМБА-сессиясынын катышуучуларына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына эмнелер кирерин, жергиликтүү маанидеги маселелердин, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмесине кандай көйгөйлөр кирерин айтып бериш керек.

Эми айылдын жашоочулары алар үчүн маанилүү болгон маселелердин кайсы бөлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгонун жана жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен чечиле аларын түшүнө баштады. Ошондуктан түздөн-түз бюджет тууралуу «Токоч» усулунун жардамы менен айтып берүүгө да убакыт жетти. Бул усул жергиликтүү бюджеттин чыгашалар жана кирешелер структурасы тууралуу калктын маалымдуулугун изилдөө, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кайсы темалар жана көйгөйлөр боюнча коомдук угууларды уюштуруш керектигин аныктоо үчүн колдонулат.

Адегенде катышуучулардан жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын санап берүүнү жана аларды жергиликтүү бюджеттин жалпы көлөмүндөгү үлүшү боюнча бөлүштүрүүнү өтүнүш керек. Андан кийин катышуучулар токочтун формасында тегерек тартыш керек. Ошол токочту кесимдерге бөлүп чыкканда ал пайыздык катышта (жана акчалай туюнтмасында, сом менен) жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын билдирет.

*МИСАЛ. «ТОКОЧ» УСУЛУ КООМДУК УГУУЛАРДЫН ТЕМАСЫН АНЫКТООГО ЖАРДАМ БЕРЕТ*

*«Токоч» усулу бюджет тууралуу маалыматка карата жарандардын керектөөлөрүн аныктоого жол берет. Катышуучулар жергиликтүү бюджет негизинен айыл өкмөттүн маянасына, майрамдарды өткөрүүгө жана коноктордү тосууга сарпталат деп эсептеп келишкен. Жергиликтүү бюджеттин олуттуу бөлүгү билим берүү объекттерин көрктөндүрүүгө, ремонттоого багытталарын аз гана адам билчү. Көпчүлүк муниципалитеттерде жарандардын жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматка жеткиликтүүлүгү чектелүү болгону аныкталды. Бул көйгөй артыкчылыктуулук рейтингинде начар жолдор жана таза сууга жеткиликтүүлүктүн жоктугунан кийинки эле үчүнчү орунду ээледи. Бул усул ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттары кантип сарпталары тууралуу жарандарга маалымат бербей турганы жөнүндө тыянак чыгарууга жардам берди: ЖӨБ органдарынын ишиндеги айкындуулукту, ачыктыкты жана жарандар алдындагы отчеттуулукту камсыздаган иш-чаралар өткөрүлбөйт. Бул көйгөй Биргелешкен аракеттер планында да чагылдырылды, ага жарандардын бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо боюнча иш-чаралар кирди. Ошондой эле катышуучулар жамаат жергиликтүү бюджетти, мугалимдер үчүн иш сапарды пландоону кошкондо мектептин бюджетин аткаруу жана пландоо боюнча коомдук угууларды өткөрүүгө кызыкдар болгонун аныктай алышты.*

***Көйгөйлөр галереясы***

Көйгөйлөр галереясы усулу маалымат чогултуп, төмөнкү суроолорго жооп алууга жардам берет.

- Айылда кандай көйгөйлөр бар?
- Аныкталган көйгөйлөрдүн ичинен кайсынысы өзгөчө олуттуу жана артыкчылыктуу болуп эсептелет?
- Артыкчылыктуу көйгөйлөр канчалык курч турат же бардык аныкталган көйгөйлөр артыкчылыктуулугу жагынан болжол менен бирдей рейтингге ээби?
- Аныкталган көйгөйлөрдүн ичинен кайсылары жергиликтүү маанидеги маселелерге, кайсылары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга кирет? Кайсы көйгөйлөрдү жергиликтүү бюджеттин эсеби-

нен чечсе болот, ал эми кайсы максаттарга жергиликтүү бюджеттен акчаны сарптабаш керек?

Үч усулду – картирлөөнү, Венн диаграммасын жана «Токочту» колдонгондон кийин жумушчу топ жана жамааттын өкүлдөрү көп маалыматка ээ болушту, өз көйгөйлөрүн айтып калышты, айылды жарандардын, ресурстардын, институттардын жана башкаруу органдарынын жыйындысы катары элестетишти. Ар кандай кызыкчылыктар менен бириккен топтор болгону, алардын түрдүү мүнөздөгү көптөгөн көйгөйлөрү бар экени белгилүү болду. Ошол эле кезде жергиликтүү бюджеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү бул маселелердин баарын бир заматта жана толук өлчөмдө чечүүгө жол бербей турганын баары түшүндү. Эмне кылыш керек? Көйгөйлөрдү түз логикалык катарга алып келип, аларды «Көйгөйлөр галереясы» усулунун жардамы менен бир системага тизиш керек.

Адегенде кантышуучуларга көйгөйдү кантип формулировкалоо керектигин түшүндүрүп берип, көйгөйдү сүрөттөөнүн мисалын келтирүү зарыл. Мисалы, жергиликтүү жолдордун начар абалы, жаштардын бош убакытты өткөрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу, таза сууга жеткиликтүүлүктүн чектелүү болгону, катуу тиричилик калдыктардын (таштандынын) өз убагында чыгарылбай жатканы, бала бакчада орундардын жоктугу, же такыр эле бала бакчанын болбогону.

**ЖМБА-иш-чараларынын катышуучуларына көйгөй аны чечүү үчүн көрүлгөн аракеттерден эмнеси менен айырмаланарын түшүндүрүп берүү маанилүү. Мисалы, айрым катышуучулар көйгөй деп «трактордун жоктугун» аташы мүмкүн. Бирок көйгөй трактордун жоктугунда эмес. Көйгөй – бул таштандыны өз убагында чыгаруу же жолду оңдоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.**

Андан кийин алып баруучулар (жумушчу топтун өкүлдөрү) катышуучуларга беш стикерден таратып берип, ар бирине бирден көйгөйдү жазууну өтүнөт. Бул үчүн 10-15 мүнөт берилет. Ар бир катышуучу жазганын окуп берет, ал эми алып баруучу флипчатка (ватманга) көйгөйлөрдү жазып, аларды топторго бириктирет. Мисалы, жолдордун начар абалы өңдүү көйгөй бир мамычага чапталып, «начар жолдор» деп аталат. Ошентип катышуучулардын баарынын жазгандары көйгөйлөр тобуна тизмектелип, аудитория кайсы көйгөй эң көп добушка ээ болгонун көрө алат. Ошентип биз эң артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алабыз.

Сөз соңунда катышуучулар менен пайда болгон Көйгөйлөр галереясын талкуулап, алардын ичинен кайсы көйгөйдү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын күчү менен чечсе болорун, ал эми кайсылар ЖӨБдүн компетенциясына кирбей турганын аныктап алыш керек.

**«Көйгөйлөр галереясы» усулу ошол аймактагы типтүү көйгөйлөрдүн олуттуу бөлүгүн аныктоого жол берет жана дагы бир маанилүү жагы – бул усул бардык катышуучуларга жагат. Анткени ал ар бир катышуучуга кырдаалга карата өзүнүн оюн билдирип, математиканын жардамы менен, эч кандай эмоциясыз жана талаш-тартышсыз артыкчылыктуу көйгөйдү аныктап алууга жардам берет.**

Эмесе, биз бир нече ЖМБА-сессиясын өткөрүп алдык жана көйгөйлөрдү артыкчылыктуулук даражасы боюнча бөлүп чыктык. Бирок ар бир топто бул тизме көйгөйлөрдүн тизмеги боюнча да, алардын артыкчылыктуулук даражасы боюнча да айырмаланышы мүмкүн. Эми айылдын деңгээлинде үч жыныс-жаш курак топтордун окшош артыкчылыктуу көйгөйлөрүн бириктирүү зарыл.

Бул үчүн айылдагы ЖМБА-сессиясынын жыйынтыгы боюнча жумушчу топтун өкүлдөрү үч топтун артыкчылыктуу көйгөйлөрүн окшоштугуна жана добуштардын санына жараша бириктирет. Көйгөйлөр окшош чыккан учурда добуштар кошулат жана айыл боюнча артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн бир тизмесине киргизилет. Эң көп добуш алган алгачкы беш көйгөй айыл боюнча артыкчылыктуу деп эсептелип калат.

*АЛЬТЕРНАТИВА же ТАТААЛ УЧУРЛАР*

*Көк-Ирим айылдык аймагынын эки айылында өткөн ЖМБА-сессияларына 122 киши катышты, алардын ичинде 75и – аялдар. Төмөнкү көйгөйлөр аныкталып, артыкчылыктуусу тандалды.*

| Көйгөй | Арал айылы | Бирдик айылы | Көк-Ирим АА |
|---|---|---|---|
| Мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттар жок | 11 | 52 | 63 |
| Маданиятты өнүктүрүү үчүн шарттар жок | 45 | | 45 |
| Жергиликтүү жолдордун абалынын начардыгы | 17 | 23 | 40 |
| Калктын таза сууга жеткиликтүүлүгү жок | 36 | | 36 |
| Көчөлөрдө жарык жок | | 36 | 36 |
| Спортту өнүктүрүү үчүн шарттар жок | 13 | 19 | 32 |
| Жаштар үчүн маалымат жетишсиз | 9 | 21 | 30 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Көпүрөлөр жок | | 16 | 16 |
| Жергиликтүү бюджет боюнча маалымат жетишсиз | 8 | | 8 |

*Жогорудагы таблицага ылайык, Көк-Ирим айылдык аймагынын жашоочулары үчүн мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттардын жоктугу эң артыкчылыктуу көйгөй болуп эсептелет. Анткен менен таблицаны кунт коюп карап чыкканда маданиятты өнүктүрүү үчүн шарттардын жоктугу өңдүү көйгөй жаштар үчүн маалыматтын жетишсиздиги көйгөйүн өзүнө камтып калышы мүмкүн. Эгерде ЖМБАнын жыйынтыктарын ушинтип карай турган болсок, анда маданиятты өнүктүрүү үчүн шарттардын жоктугу көйгөйү 75 добушка ээ болуп, бул рейтингде биринчи орунду алып калат.*

*Ошол эле кезде баштапкы маңызын жоготуп албаш үчүн көйгөйлөрдү бириктирүүдө жана ирилештирүүдө ыкылас коюу керек. Балким түрдүү топтор көйгөйдү ар башка көрөт чыгар жана бирдиктүү чечимди сунуштоо мүмкүн болбой калышы ыктымал. Мисалы, карылар жергиликтүү музыкалык ансамблди уюштурууну маданият көйгөйүн чечүү деп түшүнсө, бул жаштарды маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоодо эч жардамчы болбойт. Экинчи жагынан интернет клубдун ачылышы жаштарга жардам берет, бирок улуу муундун өкүлдөрүн эч эле канааттандыра албайт.*

ЖМБА-сессияларын өткөрүүдө сөзсүз түрдө протокол жүргүзүү зарыл. Муну алып баруучулар – жумушчу топтун өкүлдөрү жасайт. Бул үчүн алып баруучуларды гана окутпастан, аларды протокол жүргүзүү боюнча иш шарттары менен камсыздоо керек.

**Көңүл буруңуз: алып баруучулардын саны экиден кем болбош керек! Бир алып баруучу ЖМБА-сессиясынын катышуучулары менен баарлашып, талкууларды уюштурса, экинчиси ошол маалда болгондорду жазып, кийин ар бир ЖМБА-сессиясынын протоколун түзөт. Протоколдорду колдонуу менен бардык ЖМБА-сессияларынын жыйынтыктары боюнча элет муктаждыктары тууралуу отчет түзүлөт.**

Отчетто (7-9-тиркемелерди караңыз) төмөнкүлөрдү көргөзүү керек:

- жалпы маалымат, анын ичинде аймактын, айылдын аталышы, калктын, үй кожолуктарынын саны, демографиялык көрсөткүчтөр (жынысы боюнча бөлүп);
- жыныс-жаш курак топтору боюнча ЖМБА-сессиялары тууралуу маалымат, анын ичинде иш-чара өткөн күн жана жер, катышуучулардын саны (аялдардын санын өзүнчө көрсөтүп коюу керек);
- элеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүнүн тизмеси таблица түрүндө жана ар бир көйгөй боюнча добуштардын саны;
- артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн сүрөттөлүшү;
- ЖМБА-фокус-топторго катышуу үчүн чакырылып калышы ыктымал ЖМБА-сессиялардын жигердүү катышуучуларынын тизмеси.

**ЖМБА-сессиялардын процессинде жергиликтүү жамаат менен жолугушуулар маалында талкууга жана андан ары иштерге катышууга кызыгуусун билдирген, ошондой эле жамааттын түрдүү көйгөйлөрүн чечүүдө тажрыйбага ээ болгон жигердүү лидерлер аныкталат. Дал ошол жигердүү лидерлер артыкчылыктуу көйгөйлөргө талдоо жүргүзүү жана натыйжа-себептик байланышын аныктоо боюнча фокус-топторго чакырылат. Активдүүлүк катышуучулардын башкы критерийи болуп эсептелет, анткен менен жынысы, жаш курагы жана этникалык тиешелүүлүгү боюнча катышуучулардын санында тең салмактуулукту да унутпаш керек**

### *Себеп-натыйжа байланыштар*

«Себеп-натыйжа байланыштар» усулу маалымат чогулутуп, төмөнкү суроолорго жооп алууга жардам берет.

- Бул көйгөй эмне үчүн пайда болду?
- Эгерде бул көйгөйдү чечпесе, анын кесепеттери кандай болушу мүмкүн?
- Бул көйгөйдү чечүү үчүн эмне кылыш керек?
- Бул көйгөйдү чечүүдө жергиликтүү жамаат кандай ролду ойношу мүмкүн? АӨ менен АК эмне кылыш керек?

ЖМБА-сессиялары өткөн соң бир же эки аптадан кийин (бирок андан кеч эмес!) ар бир айылда бир жолудан себеп-натыйжа байланышын аныктоо үчүн ЖМБА-фокус-топторду өткөрүү зарыл. ЖМБА-сессиялардын эң жигердүү катышуучулары, жергиликтүү жамааттын лидерлери жана ошол айылдын АК депутаттары ЖМБА-фокус-топтордун катышуучулары болот. Артыкчылыктуу көйгөйгө талдоо жүргүзүүдө пикири керек болуп калышы ыктымал адисти да чакырган туура болот. Катышуучулардын саны 25 ки-

шиден ашпаш керек. ЖМБА-фокус-топтордун негизги максаты – артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн пайда болуу себептерин, алардын кесепеттерин аныктоо жана аларды жоюу боюнча алгачкы чараларды аныктап алуу. Бул усул көйгөйлөрдүн өзүнө анализ жасоо көз карашынан алганда да, бул көйгөйлөрдүн чечилишине анализ жүргүзүү көз карашынан алганда да пайдалуу. Мындан тышкары кайсы көйгөйлөр жамааттын өзүнүн күчү менен чечилсе болорун, ал эми кайсылар үчүн тышкы жардам керектигин, мисалы, жаратылыш кырсыктары же климаттын өзгөрүүсү өңдүү кайсы көйгөйлөрдү жакынкы келечекте чечүү такыр мүмкүн болбой турганын көрсөтүп турат.

Адегенде катышуучуларды үч-беш артыкчылыктуу көйгөй боюнча топчолорго бөлүп алуу керек. Ар бир топчо бирден артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алат жана флипчатка, же ватмандын үстү жагына көйгөйдүн аталышы жазат. Андан кийин таблицаны чийип, ага төмөнкүдөй аталыштагы мамычаларды кошуп чыгат:

- көйгөйдүн себептери;
- эгерде аны чечпесе, бул көйгөйдүн кесепеттери кандай болот;
- чечүү жолдору;
- кызыкдар жактардын салымдары.

Көйгөйдүн пайда болуу себептерин аныктоо үчүн топчонун катышуучуларына бул көйгөй эмнеден улам пайда болгону тууралуу суроону жооптордун варианттары түгөнүп, алар жоопторду кайра кайталап айта баштамайынча узата берүү керек. Ошондой эле мүмкүн болушунча көп сандагы себептерди таап чыкса болот. Мисалы, көйгөй мындай болсун: айылдын аймагы таштандыга толуп калды. Себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- жашоочулар тиричилик калдыктарын (таштандыны) айылдын ачык аймагына таштай берет жана муну кадимки көрүнүш катары кабыл алат;
- айыл өкмөтү таштандыны чогултуу жана чыгаруу боюнча үзгүлтүксүз иштерди уюштурбайт;
- таштанды чогултуу үчүн атайын аянтчалар жана контейнерлер жок, таштанды чыгарып туруу боюнча кызмат көрсөтүлбөйт;
- тийиштүү жана объективдүү көзөмөл жүргүзүлбөйт жана таштандыны мыйзамсыз ыргытып, өрттөгөнү үчүн коомчулук менен ЖӨБ органдары тарабынан жазалоо ыкмалары колдонулбайт;
- катуу тиричилик калдыктарын туура ыргытуу боюнча түшүндүрүү-маалымат өнөктүгү жүргүзүлбөйт;
- жергиликтүү бюджетте мындай кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жана туруктуу кутүү үчүн финансы каражаттары жетишсиз;
- ЖӨБ органдары, калк жана жергиликтүү ишкерлер ортосунда өнөктөштүктүн негизинде ушундай кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча демилге жана тажрыйба жок;
- жашоочулар таштандыны тазалоо жана чыгаруу үчүн акча төлөгүсү келбейт;
- жашоочулар таштанды жыйноо жана чыгаруу үчүн төлөй албайт, себеби бул кызмат көрсөтүүнүн акысы өтө жогору;
- айыл өкмөтү таштанды чыгаруу үчүн каражатты көзөмөлдөбөйт;
- башка себептер (жаңы версиялар түгөнүп, катышуучулар буга чейин айткан жоопторун кайталап калмайынча).

Себептерин аныктап алгандан кийин топчонун катышуучулары көйгөйдү чечпесе, анын кесепеттери кандай болоору аныкталат. Кесепеттердин мүмкүн болушунча көп санын аныктоо керек. Аларды буга чейин болгон жана эгерде көйгөй жакынкы келечекте чечилбесе, болушу ыктымал деп бөлүп алуу керек.

Таштанды көйгөйүнүн кесепеттери төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- ЖӨБ органдарына карата ишенбестик күчөйт;
- айлана-чөйрө кирдейт;
- жугуштуу оорулардын саны арбыйт;
- жашоо шарт начарлайт;
- айылдын инвестициялык жагымдуулугу азаят;
- версиялар түгөнүп, катышуучулар жоопторун кайталап калмайынча.

Андан кийин бул көйгөйдү чечүү жолдору талкууланат. Мисалы:

- айылдын старостасын тартуу менен элет чогулушун өткөрүү;
- «Таза айыл» акциясын өткөрүү;
- коомдук жайларды тазалоо үчүн ишембиликтерди өткөрүү;
- таштанды чогултуу жана чыгаруу үчүн атайын техниканы сатып алуу;
- контейнерлерди орнотуу;
- таштанды көйгөйү тууралуу калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- таштанды чыгаруунун жана ишембиликтердин графигин иштеп чыгуу;
- таштанды чогултуу жана чыгаруу үчүн тарифти көтөрүү;
- таштандыны көрүнгөн жерге ыргыткандарды айыпка тартуу;
- версиялар түгөнүп, катышуучулар жоопторун кайталап калмайынча.

Катышуучулар ар бир тараптын – АӨнүн, айылдык кеңештин жана жергиликтүү жамааттын салымдарын аныктайт. Мисалы:

- айыл өкмөтү элеттик чогулушту уюштуруп, акция, ишембиликтерди ж.б. өткөрө алат;
- айылдык кеңеш өз сессиясында таштанды чогултуу жана чыгаруу үчүн тарифтерди карап чыга алат, коомдук иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат ж.б.;
- жергиликтүү жамаат элеттик чогулуштарга, жолугушууларга, ишембиликтерге катыша алат.

| Кейгөй | Себептер | Кесепеттер | Чечүү жолдору | Кызыкдар тараптардын салымдары |
|---|---|---|---|---|
| Балдардын мектепке даярдыгынын деңгээли төмөн | Бала бакча үчүн имараттын жоктугу | Балдар мектепке оңой менен көнө албайт<br>Балдар мектепте окугусу келбей калат<br>Мектеп программасын өздөштүрүү деңгээли төмөн болот<br>Билим алууну улантуу жана инсан катары өнүгүү үчүн мүмкүнчүлүктөр чектелүү болуп калат | Мектепке караштуу баштапкы классты уюштуруу | Классты даярдоо, методикалык жана көрсөтмө материалдар – мектептин салымы |
| | Квалификациялуу адистердин жоктугу | | | Имарат, мугалимдин маянасы – ЖӨБ органдарынын салымы |
| | Бакчаны камсыздоо үчүн ресурстардын жетишсиздиги | | | Кеңсе товарлары, тамактануу – ата-энелердин (жамааттын) салымы |

ЖМБА-фокус-топторун өткөрүүнү да алып баруучулар – жумушчу топтун өкүлдөрү протоколго киргизиш керек. Ошондуктан ЖМБА-сессияларын өткөргөн учурдагыдай эле, мында да бери дегенде эки киши иштеш керек. Протоколдордун базасында ЖМБА-фокус-топторун өткөрүү тууралуу отчет даярдалат. Анда төмөнкүлөр чагылдырылыш керек:

- иш-чара тууралуу жалпы маалымат, анын ичинде өткөн күнү жана жери; катышуучулардын, анын ичинде аялдардын, АК депутаттарынын, адистердин, БӨУнун, жамааттын саны;
- себептерин, кесепеттерин, чечүү жолдорун жана тараптардын салымын сүрөттөө.

Өткөрүлгөн ЖМБА-фокус-топтордун натыйжасы боюнча жумушчу топ көйгөйдүн пайда болуу себептерин жана кесепеттерин топтоштуруп, кайрадан аналитикалык иш жүргүзүп, ошондой эле чечүү жолдорун жана кызыкдар жактар сунуштаган салымдарды ийнине жеткире иштеп чыгыш керек.



**ЖМБАнын маалымат-аналитикалык этабында жумушчу топтун милдеттери:**

- **ЖМБА-сессияларын жана ЖМБА-фокус-топторду сапаттуу уюштуруу жана өткөрүү;**
- **катышуучуларга алдын ала кабар берип, алардын келүүсүн камсыздоо;**
- **ар бир ЖМБА-сессиясынын жана ар бир ЖМБА-фокус-топтун протоколун түзүү;**
- **ЖМБА-сессиялардын жана ЖМБА-фокус-топтордун жыйынтыктары боюнча сапаттуу аналитикалык отчеттордү даярдоо.**

***ЖМБА-сессияларды жана ЖМБА-фокус-топторун өткөрүүдө ЖӨБ органдарынын типтүү каталары***

- Фокус-топтордун катышуучуларынын санынын аздыгы (20дан аз) көйгөйдү талдап, артыкчылыктуусун тизмектөөдө кыйынчылык жаратат (аз адам болсо пикир да, чыныгы себептерин билүү мүмкүнчүлүгү да аз болот).
- Жумушчу топ мүчөлөрүнүн даярдыгынын жоктугу талкуу процессин сапаттуу башкарууга жол бербейт.
- Кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү келечегин эсепке алуу менен көйгөйдүн калкка тийгизген таасиринин деңгээлине көңүл бурбай коюу. Мисалы, артыкчылыктууларын бөлүштүрүп жатканда таштанды жайын көрктөндүрүү маселеси артыкчылыктуулардын тизмесине кирбей калышы мүмкүн. Себеби жарандар бул көйгөйдүн айлана-чөйрөнүн экологиялык абалына жана келечекте калктын саламаттыгына тийгизген таасирине көңүл бурбай коюушу ыктымал.
- «Кийинкиге калтырылган» протокол – эгерде иш-чара маалында «эстеп калам» деген таризде протокол жүргүзбөсө, көптөгөн маанилүү деталдар унутта кала берет.
- Алып баруучулардын өз пикирин таңуулай берүүсү маалыматты бурмалоого жана ЖМБА-иш-чарасынын маалыматтык баалуулугунун жоголушуна жеткирет.
- Катышуучулардын өз пикирин билдирүүдө теңсиздик маалыматты бурмалоого жана ЖМБА-иш-чарасынын маалыматтык баалуулугунун жоголушуна алып келет.
- Көйгөйдү туура эмес түзүп алуу себеп-натыйжа байланышты аныктай албоого алып келет.

***ЖМБАнын маалымат-аналитикалык этабындагы документтер***

- ЖМБА-сессиясынын катышуучуларынын каттоо баракчалары.
- ЖМБА-фокус-топтордун катышуучуларынын каттоо баракчалары.
- ЖМБА-сессияларынын протоколдору (ар бири үчүн өзүнчө) (үлгүсүн 10-тиркемеден караңыз).
- ЖМБА-сессияларды өткөрүү тууралуу отчет (үлгүсүн 7-тиркемеден караңыз).

- ЖМБА-фокус-топтордун протоколдору (үлгүсүн 10-тиркемеден караңыз).
- ЖМБА-фокус-топторду өткөрүү тууралуу отчет (үлгүсүн 8-тиркемеден караңыз).

# Чечим кабыл алуу процессинде ЖМБАнын жыйынтыктарын эсепке алуу

## Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу

- ***Артыкчылыктуу маселелерди чечүү жолдорун биргелешип талкуулоо.***
- ***Артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча демилгелүү топторду түзүү.***
- ***Артыкчылыктуу деп тандалып алынган көйгөйлөрдү чечүү боюнча жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу (БАП).***
- ***Элеттик чогулуштарда, коомдук угууларда жергиликтүү жамаат менен артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планын талкуулоо.***
- ***Биргелешкен аракеттер планынын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы.***

Жумушчу топ көйгөйлөр жана керектөөлөр тууралуу деталдуу маалыматты жана жашоочулардын пикирлерин чогултуп, бул көйгөйлөрдү жана керектөөлөрдү артыкчылыктуусуна жараша бөлүштүрүп, себеп-натыйжа байланышын изилдеп чыгып, атүгүл бул көйгөйлөрдү чечүү боюнча биринчи кезекте көрүлчү чараларды белгилеп, бир кыйла иш жасады. Эми мындан да деталдуу пландоого мезгил жетти.

Пландоо жолугушуулары айылдык аймактын деңгээлинде ЖМБА-фокус-топтору аяктагандан кийин бир аптанын ичинде өткөрүлөт. Пландоо жолугушууларына АК депутаттары, АӨ адистери, эксперттер, ЖМБА-сессиялардын жана ЖМБА-фокус-топторунун жигердүү катышуучулары, жергиликтүү жамааттын лидерлери, бюджеттик уюмдардын кызматкерлери чакырылат. Катышуучулардын саны 40-45 адамга чейин жетиши мүмкүн. Пландоо жолугушууларынын саны ар бир муниципалитеттин керектөөлөрүнө жараша болот. Пландоо сессияларында артыкчылыктуу көйгөйлөр талкууланып, аларды чечүү боюнча катышуучулардын пикирлери ортого салынат. Күн тартибине төмөнкү маселелер чыгарылат: жумушчу топ тарабынан даярдалган ЖМБА-сессияларынын жана фокус-топторунун натыйжалары тууралуу жалпы маалымат; жарандардын демилгелүү топтору айылдык аймак калкынын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн айтып беришет; артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча катышуучулардын сунуштары – уюштуруучулар чогултат.

Пландоо жолугушууларын уюштуруу жана өткөрүү процесси кененирээк «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун «Муниципалитеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы» деп аталган экинчи бөлүгүндө сөз болот.



**Жамаат ЖӨБ органынын пландоо процессине жөн гана катышып койбош керек. Жарандар планды өз колу менен жазыш керек! Бирок муну практикада кантип ишке ашырууга болот? Албетте, пландуу жазууга жамаат толугу менен катыша албайт. Ага ЖМБА-сессиялары жана ЖМБА-фокус-топтору маалында мындай ишке даярдыгын көрсөтө алган жамааттын жигердүү өкүлдөрү катышат. Жамааттын мына ошол жигердүү катышуучуларынан демилгелүү топ түзүлөт. Алар – кайра уюштуруунун кыймылдаткыч күчү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги өнөктөштөрү.**

Демилгелүү топтордун ишмердигин жөнгө салуунун жана документтештирүүнүн, алардын жергиликтүү кеңеш менен өз ара аракетинин, айыл өкмөтү менен туруктуу кызматташтыгынын маанисин түшүнүү менен бул топтордун мүчөлөрүн шыктандыруу системасы тууралуу да унутпаш керек. Булар – өзүнүн бош убактысын коротуп, бардык жамааттын бакубат жашоосу үчүн ресурстарын колдонгон ыктыярчылар. Ошондуктан ЖӨБ органдары бул «жардамчылар отрядынын» жигердүү жана конструктивдүү ишмердиги үчүн материалдык эмес түрткү берүүнүн болгон арсеналын ишке киргизиши керек. Бул жерде моралдык колдоо да, коомдун алардын ишин баалоосу да, маалыматты адаттагыдан тезирээк берүүгө даярдык жана маанилүү деталдарга жеткиликтүүлүктү камсыздоо да маанилүү. Башчы ДТнын бардык мүчөлөрүнүн өңкелбетин жакшы билип, мүчөлөр да мындан күмөн санабай тургандай болуш керек. Ошондой эле ДТнын ишине материалдык көмөк көрсөтүү да маанилүү. Аларга бери дегенде жумушчу аянтча, БАПка ылайык чыгаша материалдары өңдүү ресурстар берилиш керек. Активисттер менен кызматташуу менен гана жергиликтүү жамааттын формалдуу лидерлери – ЖӨБ органдарынын жетекчилери ыктымал тирешүүнү алдын алып, кийинки ишинде калктан чоң колдоого ээ боло алат. Демилгелүү топтордун ишинин форматы жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында, ошондой эле «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун «Муниципалитеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы» деп аталган экинчи бөлүгүндө сүрөттөлгөн.

Эми практикалык мисал келтирели. Көк-Ирим айылдык аймагында ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү процессинде жигердүү жарандар аныкталды, алар көп өтпөй үч демилгелүү топко (ДТ) биригишти:

- 11 кишиден турган «Өнүгүү» ДТ жолдордун жана көпүрөлөрдүн абалына, көрктөндүрүүгө, жарыктандырууга байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө киришти;
- Курамында 9 киши болгон «Маданият жана маалымат» ДТ маалыматка жана маданиятка жеткиликтүүлүк көйгөйүн чечүү менен алектенди.
- Курамында 9 киши болгон «Билим берүү» ДТ мектепке чейинки жана мектептеги билим берүү маселелерин чечүүгө киришти.

Демилгелүү топтун курамы 2014-жылдын 16-майында айыл өкмөт башчынын буйругу менен расмий бекитилген. ДТ ишине айылдын лидерлери жана активисттери, айыл өкмөтүнүн адистери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары тартылган. Демилгелүү топтун мүчөлөрү биргелешкен аракеттер планын (БАП) иштеп чыгууга катышкан. Бирок муну менен гана алардын миссиясы бүтүп калган жок – андан кийин алар бул пландын жигердүү аткаруучулары болуп калышты. Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу бир топ убакытты алат – эки аптадан төрт аптага чейин убакыт кетет жана жамааттын атынан демилгелүү топтун, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун атынан жумушчу топтун жигердүү катышуусун талап кылат. Жумушчу топ биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу боюнча бир нече жолугушууларды өткөрөт. Аларга жергиликтүү жамааттын лидерлерин жана сөзсүз түрдө адистерди, эксперттерди чакыруу зарыл.

Планды иштеп чыгуу процессинде катышуучулар бир катар оңой эмес тапшырмаларды аткарат:

- көйгөйлөрдү туура аныктап алыш керек;
- реалдуу узак мөөнөттүү өзгөрүүлөргө жетүүгө багытталган өлчөнө турган максаттарды коюш керек;
- конкреттүү жетишкендиктердин сериясы түрүндө милдеттерди аныктап алуу зарыл;
- белгилүү бир тапшырмалардын алкагында иш-чараларды сүрөттөө;
- Биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышына баа берип, мониторинг жүргүзүүгө жол берген өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү ойлонуштуруп, белгилеп алуу зарыл;
- иш-чаралар аткарылчу мөөнөттү аныктоо керек;
- жооптуу аткаруучулар дайындалууга тийиш;
- пайда алчулардын (бенефициарлардын) чөйрөсүн белгилеп, алар планды ишке ашыруудан, артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча конкреттүү тапшырмаларды аткаруудан улам алчу пайданы сүрөттөп берүү керек;
- кызыкдар жактардын жана каржылоо булактарынын салымдары так аныкталууга тийиш.

Андан ары артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планын элеттик чогулушта жергиликтүү жамаат менен талкуулап, бул планды муниципалитеттин жергиликтүү бюджетине киргизип калууга умтулуу зарыл. Бул процесс практикалык мисалдар жана документтердин үлгүлөрү менен «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун «Муниципалитеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы» деп аталган экинчи бөлүгүндө сүрөттөлгөн.

## Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу

- ***Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу.***
- ***Ишке ашырылып жаткан Биргелешкен аракеттер планына биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү.***
- ***Элеттик чогулуштарда, коомдук угууларда, курултайларда биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу боюнча иштин жыйынтыктары тууралуу отчет.***

Чындыгында мына ушул жерден Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо бүтүп, көкөйгө тийген маселелерди биргелешип чечүү боюнча түздөн-түз өнөктөш иш алып баруу этабы башталат. Бул процесс практикалык мисалдар жана документтердин үлгүлөрү менен «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун «Муниципалитеттин артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы» деп аталган экинчи бөлүгүндө сүрөттөлгөн. Бул жерден болгону ЖМБА жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн Биргелешкен аракеттер планы муниципалитетти өнүктүрүү стратегиясынын же аны ишке ашыруу боюнча иш планынын бир бөлүгү боло аларын гана белгилейбиз. Ошондой эле план айыл өкмөтүнүн же жергиликтүү кеңештин иш планынын бир бөлүгү боло алат, жалганма бөлүгү катары кошулуп, же өнүктүрүү жана башкаруу боюнча башка аракет планынын негизи боло алат. БАП калктын чыныгы артыкчылыктарына негизделип, ошондой эле жамаат аны ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликтин кайсы бир бөлүгүн өзүнө алганы БАПтын баалуулугу болуп эсептелет.

**Өзүнүн бардык программаларынын жана долбоорлорунун алкагында БАПты пландоо жана башкаруу аспабы катары колдонгон ЖӨБ органдары өзүн жамаат тарабынан бааланбай калуу тобокелчилигинен коргоп калат. Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ишинде калктын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө таянуу аракетин дайыма баалайт. Андан кийин муниципалитеттеги жашоону жакшыртуу боюнча ЖӨБдүн аракеттерин сөзсүз колдоп берет.**

# Жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу практикасы

## Липенка айылдык аймагы: мол сууга узак жол

Липенка айылдык аймагынын курамына кирген Липенка, Богатыровка, Ичке-Булуң жана Зеленый-Гай айылдары сугат суунун жетишсиздигинен улам көп жыл бою кыйналып келди. Бул аймакта 4 700дөн ашык киши жашайт. Жүздөгөн үй кожолуктары, өнөр жай жана социалдык объекттер, фермердик жана дыйкан чарбалары, талаалар, чарбактар, жайыттар суунун азабын бир топ эле тартышты.

Кырдаал 2012-жылы оң жагына өзгөрө баштады. Бул жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул маселени жамаат менен биргеликте чечүүгө киришти. Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиясынын жемиши – элеттиктерге жакшы жашоого жана жемиштүү эмгектенүүгө тоскоол болуп жаткан 10 көйгөй аныкталды.

Баары болуп биргелешкен аракеттер планында (БАП) 34 түрдүү иш-чара каралган, алардын төртөө суу көйгөйү менен байланышта болчу. Алар: суу пайдалануучулар ассоциациясы менен ишти талкуулоо, сууну пайдалануу чөйрөсүндө бюджеттин аткарылышы тууралуу маалымдоо, каналдарды жана ички арыктарды тазалоо, бул маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрүү.

Элеттиктер башында белгилеп алгандай эле БАПты кадам-кадамы менен ишке ашырууга киришти. Адегенде бардык айылдарда коомдук угуулар өткөрүлүп, аларга 200дүн тегерегинде киши катышты. Ошол жерде жаңы шлюздарды жана арык үчүн лоток орнотуу тууралуу чечим кабыл алынды. Бул болсо сугат сууну керектөөчүгө чейин жеткирүү ишин жеңилдетмек. Уюштуруучулук иштерден кийин калктын карызын эсептеп, талдоо жүргүзүп чыккан соң көп өтпөй киши көп жүргөн жерде суу системасынын абалы тууралуу жыйынтык маалымат пайда болду. Андан соң фермерлердин демилгеси менен адамдар биргелешип каналдарды тазалоого киришти. Натыйжада каналдын 30 километри тазаланды.


Бирок бул аракеттердин баары суу тартыштыгы көйгөйүн чече алган жок, ал эми мунун айынан баарынан да көп дыйкандар жабыр тартып жаткан эле. Кырдаалга жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, өз күчү менен жамаат бул маселени чече албак эмес. Ошондуктан муниципалитет донордук уюмдарды издеп, мамлекеттик структураларга, Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна жардам сурап кайрылды.

Аракеттер текке кеткен жок жана жалпысынан 2,5 миллион сомдон ашык каражат чогулду. Бул суммага калктын салымы да кирди. 2012-жылдын июль айында Липенкада 1 трансформатор пайда болуп, жаңы «ГЭС» насос станциясы курулду. Мунун натыйжасында 220 гектар жер сугат суу менен камсыздалды.

Бир жылдан кийин Облусту өнүктүрүү фондунун жардамы менен Богатыровка айылында «Садовая»





аттуу дагы бир насос станциясы курулуп, 284 гектар жерге суу барды. 2013-жылдын октябрында 3 млн. сом бөлгөн донордук программанын жана жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 2,3 млн. сомдун жардамы менен Ичке-Булуң айылында орнотулган «Самат-Көл» жаңы насос станциясы жана трансформатор дагы 333 гектар жерди суу менен камсыздай алды. Ушул эле айылда Кара-Көл көлмөсүнүн жанында жаңы насос станциясынын курулушу башталып, ага жергиликтүү бюджеттен 4,425 млн. сом кетти. Бул станция 426 гектар жерди суу менен камсыздады. Бардык объекттердин курулушу тендердин негизинде жүзөгө ашырылганын белгилей кетели. Долбоорлорду биргелешип пландоо жана ишке ашыруу адамдардын башын бириктирип, аларга өз күчүнө болгон ишенимди кайтарып, Богатыровка жана Липенка айылдары ортосундагы колдонулбай келген муниципалдык 5,5 гектар жерди жашылдандыруу жана көрктөндүрүү маселесин чечүүгө жардам берди. Бул үчүн «Садовая» насос станциясына чейин узундугу жүздөгөн метрге жеткен каналды өткөрүүгө туура келди. Суу маселеси чечилгенден кийин «Жеты-Огуз багы» токой чарбалыгы элеттиктерге 12 000 даана көчөттү белекке берди. Теректерди жана карагайларды отургузууга 350 киши чыкты – аксакалдардан баштап окуучуларга чейин, аткаминерлерден баштап үй кожойкелерине чейин. Бул чыныгы эмгек майрамы болду. Липенка АӨ башчысы Болотбек СУЛАЙМАНОВдун айтымында, бүгүнкү күндө 4722 айдоо жеринин ичинен 1633 гектар жана буга кошумча колдонулбай келген 5,5 гектар жер суу менен толук камсыздалды. Бул долбоорго көптөгөн уюмдар салым кошту. Ал эми прогресске карай шилтенген алгачкы кадам Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча иш-чаралар комплекси болуп калды: «ЖМБАнын жардамы менен гана элеттиктер БАП эмне экенин билип, пландаганды жана эсептегенди үйрөнө алышты. Дал ошондо чыныгы иштер жасала баштады». Өтө оор, финансылык жактан чыгашалуу көйгөйдү чечүүгө бел байлаган Липенка аймагынын жашоочуларынын окуясы бардык сынчылдарга жамаат – бул күч экенин далилдей алды! Өзгөчө карапайым адамдар шыктанып, эмне каалаларын билгенде жана максатка жетүүдө кыйынчылыктардан коркпогон учурда муну ишке ашыруу мүмкүн болот.

Лариса ЛИ




# Тиркемелер

## 1-тиркеме. ЖМБАны өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу айыл өкмөт башчысынын тескемесинин формасы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**№ ОБЛУСУ**
**№ РАЙОНУ**
**№ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**№ ОБЛАСТЬ**
**№ РАЙОН**
**АЙЫЛ ОКМОТУ**
**№ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

20___-жылдын ______ №_______

**ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү**
**боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу**

**ТЕСКЕМЕ**

Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусун камсыздоо жана _______________________ айылдык аймагынын калкынын керектөөлөрүн аныктоо максатында төмөнкүлөрдү тапшырам:

- курамы __ кишиден турган ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топ түзүлсүн (тизмеси №1 тиркемеде);
- адис ___________________ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун ишин уюштуруу үчүн зарыл чаралардын аткарылышын камсыздасын;
- ушул тескеменин аткарылышына контролду өзүмө калтырам.

Башчы ____________________ Аты-жөнү

**_________АӨ башчысынын**

**20___-жылдын ______ №____**

**тескемесине №1 тиркеме**
**ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун**

**КУРАМЫ**

Жумушчу топтун төрагасы:
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*
Жумушчу топтун катчысы:
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*
Жумушчу топтун мүчөлөрү:
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*
*Аты-жөнү, кызматы, байланыш үчүн маалыматтар*

Башчы ____________________ Аты-жөнү

# 2-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш планын жана графигин бекитүү тууралуу айыл өкмөт башчынын тескемеси

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**№ ОБЛУСУ**
**№ РАЙОНУ**
**№ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**№ ОБЛАСТЬ**
**№ РАЙОН**
**АЙЫЛ ОКМОТУ**
**№ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

20___-жылдын ______ №_______

**ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш планын жана графигин бекитүү тууралуу**

**ТЕСКЕМЕ**

Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусун камсыздоо жана _________________________ айылдык аймагынын калкынын керектөөлөрүн аныктоо максатында төмөнкүлөрдү тапшырам:

- ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш планы бекитилсин (№1 тиркеме);
- ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш графиги бекитилсин (№2 тиркеме);
- адис _____________________жумушчу топтун ишин уюштуруу жана ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча иш планын жана графигин ишке ашыруу үчүн зарыл чаралардын аткарылышын камсыздасын.
- ушул тескеменин аткарылышына контролду өзүмө калтырам.

Башчы _____________________ Аты-жөнү

# 3-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун болжолдуу иш планы[1]

_АӨ башчысынын
20___-жылдын ______ №____
тескемесине №2 тиркеме

| № | Иш-чаралар | Кадамдар | Документтештирүү (жыйынтыктар, далил материалдар) | Мөөнөттөр | Жооптуу-лар |
|---|---|---|---|---|---|
| **ЖМБА** | | | | | |
| 1. | Жамаат муктаж-дыктарын биргелешип аныктоого даярдык | 1. АӨ башчысы АӨ кызматкерлеринин, АК депутаттарынын жана жергиликтүү лидерлердин ичинен курамы алты киши-ден турган жумушчу топту түзөт (бир ЖМБА-иш-чарасын 2 киши өткөрөт).<br>2. Жумушчу топ катышуучулардын курамын жана ЖМБА-иш-чараларынын графигин аныктайт.<br>3. Жумушчу топ ЖМБА иш-чараларынын максаттарын жана милдеттерин аныктайт, жаш курак категориясы боюнча ЖМБА-сессияларынын жана себеп-натыйжа байланыш боюнча ЖМБА-фокус-топтору үчүн программаларды иштеп чыгат.<br>4. Жумушчу топ ЖМБА-сессиялары жана ЖМБА-фокус-топтору өтчү жерди жана убакытты аныктайт.<br>5. Жумушчу топ ЖМБА-сессиясынын катышуучуларынын тиз-месин түзөт (катышуучуларды жаш курагынын категориясы боюнча бөлүштүрүшөт: 18-35 жаш, 36-55 жаш, 56-75 жаш, бир ЖМБА-сессиясына бир кварталдан же айылдын бир көчөсүнөн 20-25 киши катышары каралган, **мында гендер-дик баланс сакталыш керек**).<br>6. ЖМБА-сессияларынын натыйжасы боюнча жигердүү ка-тышуучулардын ичинен **гендердик теңдикти сактоо менен** ЖМБА-фокус-топторунун катышуучуларынын тиз-меси түзүлөт (ар бир айылда бирден ЖМБА-фокус-топтор өткөрүлөт).<br>7. Жумушчу топ ЖМБА-сессияларынын жана ЖМБА-фокус-топторунун катышуучуларын чакырат.<br>8. Жумушчу топ зарыл болгон кеңсе буюмдарын даярдайт. | АӨ башчысынын буйругу, ЖМБА-иш-чаралар графиги, ЖМБА-сессияларынын жана ЖМБА-фокус-топторунун программа-сы, катышуучулардын тизмесинин долбоору | Апта ичин-де | АӨ баш-чысы жана жумушчу топ |
| 2. | Ар бир айылда артыкчы-лыктуу көйгөйдү аныктоо боюнча ЖМБА-сессиясын өткөрүү | 1. Жумушчу топ ЖМБА-сессияларынын катышуучуларын **ген-дердик теңдикти сактоо менен** жаш курак категориясы бо-юнча бөлөт (үч топко: 18-35 жаш, 36-55 жаш, 56дан жогору).<br>2. Жумушчу топ катышуучуларды каттоо баракчасына киргизет.<br>3. Жумушчу топ 2 кишиден болуп бөлүнүп алып картирлөө, Венн диаграммасы, «Токоч», Көйгөйлөр галереясы өңдүү усулдарды колдонуу менен программага ылайык ЖМБА-сессияларын өткөрөт. Токоч усулун колдонуунун натыйжа-сында катышуучулар менен бирге коомдук угуунун темасы аныкталат.<br>4. Өткөрүлгөн ЖМБА-сессияларында сөзсүз протокол түзүлөт.<br>5. Протоколдордун негизинде айыл боюнча ЖМБА-сессиялары тууралуу жалпы отчет түзүлөт. | Жаш курак категори-ясы боюнча ЖМБА-катышуучуларынын тизмеси, сүрөттөр, ЖМБА-сессияларынын протоколдору, ар бир айыл боюнча ЖМБА-сессиялары тууралуу жалпы отчет | Эки-үч аптанын ичинде | Жумушчу топ |

[1] Документ ЖМБА-иш-чаралар комплексин гана камтыбайт. Иш жүзүндө бул ЖӨБ органдары жергиликтүү маанидеги маселелер, анын ичинде ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алууну камсыздоо боюнча моделди жайылтуу планы. Моделдин кийинки этаптары тууралуу дагы толук маалыматты «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу» окуу материалдар топтомунун башка бөлүктөрүнөн таба аласыз.

| № | Иш-чаралар | Кадамдар | Документтештирүү (жыйынтыктар, далил материалдар) | Мөөнөттөр | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 3. | Артыкчылыктуу тапшырмаларга талдоо жүргүзүү максатында жигердүү лидерлердин катышуусу менен ЖМБА-фокус-топторун өткөрүү | 1. Артыкчылыктуу тапшырмалардын себеп-натыйжа байланышына талдоо жүргүзүү үчүн жумушчу топ жигердүү лидерлерди ЖМБА-фокус-топторуна чакырат.<br>2. Жумушчу топ ар бир айылда бирден ЖМБА-фокус-топ өткөрөт (ЖМБА-сессияларынан кийин 1-3 күндүн ичинде).<br>3. Жумушчу топ ЖМБА-фокус-топторун себеп-натыйжа анализи усулун колдонуу менен күн тартибине ылайык өткөрөт.<br>4. ЖМБА-фокус-топторунун жүрүшүндө иш-чаралардын протоколу түзүлөт.<br>5. Протоколдордун негизинде айылдык аймактын артыкчылыктуу көйгөйлөрү боюнча себеп-натыйжа отчету түзүлөт. | Ар бир айыл боюнча ЖМБА-фокус-топторунун катышуучуларынын тизмеси, сүрөттөр, ЖМБА-фокус-топторунун протоколдору, айылдык аймак боюнча жалпы себеп-натыйжа отчету | ЖМБА-сессиясынан кийин бир-эки аптанын ичинде | Жумушчу топ |
| 4. | АК депутаттарынын, АӨ аппарат өкүлдөрүнүн, демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн, адистердин жана эксперттердин катышуусунда пландоо жолугушууларын өткөрүү | 1. Жумушчу топ пландоо жолугушууларынын күн тартибин иштеп чыгат.<br>2. Жумушчу топ ЖМБА-сессияларынын жана ЖМБА-фокус-топторунун натыйжасы боюнча пландоо жолугушууларына баяндама даярдайт.<br>3. Жумушчу топ АК депутаттарын, АӨ аппарат өкүлдөрүн, демилгелүү топтун мүчөлөрүн, адистерди жана эксперттерди чакырат (ЖМБА-фокус-топторун айылдык аймактын деңгээлинде өткөргөндөн кийин бир аптанын ичинде).<br>4. Жумушчу топ пландоо жолугушууларын төмөнкүдөй тартипте өткөрөт: максат – сунуш жана ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыктарын макулдашуу, каралчу маселелер; ЖМБА-сессияларынын жана ЖМБА-фокус-топторунун жыйынтыгы боюнча баяндама, себеп-натыйжа анализи, себеп-натыйжа анализин макулдашуу жана толуктоо.<br>5. Пландоо сессиясын өткөрүүнүн жүрүшүндө иш-чаранын протоколу түзүлөт.<br>6. Протоколдордун негизинде айылдык аймактын артыкчылыктуу көйгөйлөрү боюнча себеп-натыйжа отчету толукталат (зарыл болсо бирден ашык пландоо жолугушууларын өткөрсө болот). | Пландоо сессиясынын катышуучуларынын тизмеси, сүрөттөр, пландоо сессияларынын протоколу, айылдык аймак боюнча толукталган жалпы себеп-натыйжа отчету | ЖМБА-фокус-топторунан кийин бир аптанын ичинде | Жумушчу топ |
| **ЖЖӨБК моделинин кийинки этаптары** | | | | | |
| | ЖМБА-сессияларынын жана ЖМБА-фокус-топторунун жигердүү лидерлеринин катышуусу менен демилгелүү топторду түзүү | 1. ЖМБА-сессияларынын жана ЖМБА-фокус-топторунун жүрүшүндө жумушчу топ алар үчүн артыкчылыктуу болгон көйгөйдүн (бир түрдүү көйгөйлөрдүн блогунун) үстүнөн ишти улантууга даяр жигердүү лидерлерди аныктайт.<br>2. ЖМБА-иш-чараларында аныкталган артыкчылыктуу маселелерди чечүү максатында демилгелүү топтор түзүлөт.<br>Демилгелүү топтордун курамына төм. кирет:<br>функционалдык милдеттери боюнча – АӨ кызматкерлери;<br>комиссияда иштөө боюнча – АК депутаттары;<br>жергиликтүү жамааттын жигердүү лидерлери (жог. караңыз).<br>3. Демилгелүү топтун курамы айылдык аймактын деңгээлинде өткөрүлгөн пландоо жолугушууларынын жүрүшүндө аныкталат.<br>4. Биргелешкен аракеттер планын макулдашуу боюнча элеттик чогулушта демилгелүү топтун курамы сунушталат.<br>5. Демилгелүү топтун курамы АӨ башчысынын буйругу менен бекитилет. | Демилгелүү топтун курамы,<br>АӨ башчысынын буйругу,<br>сүрөттөр | ЖМБА-фокус-топторунун процессинде жана пландоо жолугушуулары учурунда (1-1,5 ай) | АӨ башчысы жана жумушчу топ |

| № | Иш-чаралар | Кадамдар | Документтештирүү (жыйынтыктар, далил материалдар) | Мөөнөттөр | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 2. | Биргелешкен аракеттер планынын долбоорун иштеп чыгуу | 1. Жумушчу топ пландоо жолугушууларынын күн тартибин иштеп чыгат (мисалы: планды, форманы иштеп чыгуу, форма боюнча биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу).<br>2. Жумушчу топ жолугушууларды уюштурат.<br>3. Жумушчу топ пландоо жолугушууларын өткөрөт. | Пландоо сессиясынын катышуучуларынын тизмеси, сүрөттөр, протоколдор, Биргелешкен аракеттер планынын долбоору | Пландоо жолугушууларынан кийин эки апта ичинде | АӨ башчысы жана жумушчу топ |
| 3. | Биргелешкен аракеттер планын (БАП) жана демилгелүү топтун курамын берүү үчүн элеттик чогулушту өткөрүү | 1. Жумушчу топ маалымат өнөктүгүн өткөрүүгө материалдарды (жарыяларды, БАПтын долбоорун) даярдоо менен алектенет.<br>2. Элеттик чогулуштун алдында жумушчу топ маалымат өнөктүгүн өткөрөт.<br>3. Жумушчу топ чогулуштун күн тартибин аныктайт (мисалы: ЖМБА-иш-чараларынын натыйжасы боюнча маалымат, БАП долбоорунун бет ачары, ЖӨБ органдарынын маалыматы, демилгелүү топтордун курамы).<br>4. Жумушчу топ элеттик чогулуш өтчү жерди жана сөз сүйлөй тургандарды аныктайт.<br>5. Жумушчу топ элеттик чогулушка жергиликтүү калкты, АК депутаттарын жана жергиликтүү жамааттын лидерлерин чакырат.<br>6. Жумушчу топ элеттик чогулуштун катышуучуларын каттайт.<br>7. Күн тартибине ылайык, чогулушту АӨ башчысы/башчынын орун басары алып барат.<br>8. Катчы чогулуштун протоколун жүргүзөт.<br>9. Жумушчу топ чогулуштун натыйжасы боюнча маалымат өнөктүгүн өткөрөт: маалымат тактасында протоколдордун көчүрмөсүн, сунуштардын тизмегин ж.б. жайгаштырат. | Элеттик чогулуштун күн тартиби, катышуучулардын тизмеси, сүрөттөр, маалымат өнөктүгүнүн материалдары, элеттик чогулуштун протоколу | БАП долбоорун даярдагандан кийин эки аптанын ичинде | АӨ башчысы жана жумушчу топ |
| 4. | Айылдык кеңеш Биргелешкен аракеттер планын (БАП) бекитет | 1. АӨ Биргелешкен аракеттер планы боюнча материалдарды айылдык кеңештин кароосуна жиберет.<br>2. Тиешелүү туруктуу комиссия башка комиссиялардын төрагаларынын катышуусунда Биргелешкен аракеттер планын карайт жана аны айылдык кеңештин сессиясына алып чыгат.<br>3. Биргелешкен аракеттер планын талкуулоо маалында бюджет боюнча туруктуу комиссия жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маселени карайт (зарылчылык пайда болсо).<br>4. Айылдык кеңеш Биргелешкен аракеттер планын бекитет жана анын ишке ашырылышына жүргүзүлгөн мониторингдин тартибин жана отчет берчү мөөнөттү аныктайт. | Катышуучулардын тизмеси, туруктуу комиссиянын отурумунан протокол, АКнын токтому | АК иш планына ылайык | АӨ башчысы жана АӨ аппараты |

| | Иш-чаралар | Кадамдар | Документтештирүү (жыйынтыктар, далил материалдар) | Мөөнөттөр | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 5. | Биргелешкен аракеттер планынын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы | 1. АӨ адистери жана ДТ мүчөлөрү БАПты ишке ашыруунун алкагында, б.а., артыкчылыктуу маселелерди чечүүдө кетчү чыгашалардын сметасын даярдайт.<br>2. АӨ адистери жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп чыгып, БАПты ишке ашырууну каржылоонун булактары боюнча сунуштарды жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын кароосуна алып чыгат.<br>3. Белгилүү бир мезгилге бюджетти түзүүдө АӨ артыкчылыктуу маселелерди чечүүнү каржылоо үчүн кайсы беренелерде жана кандай көлөмдө ресурстар каралганы тууралуу жергиликтүү кеңешке жана калкка маалымат берет. Бул маалыматты жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча коомдук угуулар маалында берүү керек! | Чыгашалардын сметасы, бюджеттин долбоору (чыгаша бөлүгү)<br><br>жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү долбоору (чыгаша бөлүгүнө)<br><br>бюджет долбоору, грантка табыштама (донорлор, долбоорлор, өнүктүрүү фонддору ж.б.)<br><br>дем берүүчү грантка табыштаманын долбоору<br><br>жергиликтүү кеңештин токтому | | АӨ, АК, ДТ, эксперттер жана адистер |
| 6. | Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу | 1. Демилгелүү топтун жана АӨ жетекчилери БАПты ишке ашыруу боюнча ДТ жана БМжБТ мүчөлөрү менен жолугушууларды уюштурат.<br>2. АӨ, АК жана БМжБТ жергиликтүү жамаат БАПты ишке ашырат.<br>3. АӨ, АК, демилгелүү топ жана БМжБТ БАПты ишке ашыруу үчүн каржылоо булактарын табат.<br>4. АӨ, АК, демилгелүү топ БАПты ишке ашыруу үчүн инвестиция тартат.<br>5. АӨ, АК жана БМжБТ жергиликтүү бюджеттин долбоору жана аткарылышы боюнча коомдук угууларды өткөрөт.<br>6. Демилгелүү топтун жана БМжБТ мүчөлөрү БАПты ишке ашыруу процессине мониторинг жүргүзөт.<br>7. АӨ, АК, демилгелүү топ жана БМжБТ БАПты ишке ашыруу үчүн отчет түзөт.<br>8. АӨ, АК, демилгелүү топ БАПты ишке ашыруу маалында орун алган ийгиликтүү окуяларды жазат.<br>9. АӨ, АК БАП боюнча маалыматты тактага жайгаштырат.<br>10. Демилгелүү топ жана БМжБТ дубал гезиттин көзгө урунган жерине БАПтын ишке ашырылышы тууралуу маалыматты жайгаштырат. | Отчеттор,<br>ийгиликтүү окуялар | Үч жылдын ичинде | АК, АӨ, ДТ ж.б. |
| 7. | Биргелешкен мониторинг жана баалоо | 1. АӨ демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн ичинен биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзөт.<br>2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу БАПты баалоо жана ага мониторинг жүргүзүү боюнча план түзөт.<br>3. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу планга мониторинг жана баалоо жүргүзөт.<br>4. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу мониторингдин жана баалоонун натыйжасы боюнча отчет даярдайт.<br>5. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу АӨ/АК отурумдарында отчет берип, аны маалымат тактасында жайгаштырат. Коомдук угууларда жана чогулуштарда отчет боюнча баяндама жасалат. | Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун тизмеси, АӨ башчысынын буйругу, мониторинг жана баалоо планы, мониторинг жана баалоо боюнча отчет | Жыл сайын | БМжБ тобу |

# 4-тиркеме. ЖМБА-иш-чаралар комплексинин болжолдуу графиги

__________АӨ башчысынын
20___-жылдын ______ №____
тескемесине №2 тиркеме

**ЖМБА-ИШ-ЧАРАЛАР КОМПЛЕКСИНИН БОЛЖОЛДУУ ГРАФИГИ**

| № | Иш-чаралар | Күнү | Убактысы | Өтчү жери | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | ЖМБА боюнча иш-чараларды пландоо боюнча жумушчу топтун жолугушуусу | | | | |
| 2. | _______________ айылында ЖМБА-сессиялары (18-35 жаш, 36-55 жаш, 56дан жогору) (катышуучулардын саны жалпысынан 60тан 75ке чейин) | | | | |
| 3. | _______________ айылында ЖМБА-сессиялары (18-35 жаш, 36-55 жаш, 56дан жогору) (катышуучулардын саны жалпысынан 60тан 75ке чейин) | | | | |
| 4. | _______________ айылында ЖМБА-сессиялары (18-35 жаш, 36-55 жаш, 56дан жогору) (катышуучулардын саны жалпысынан 60тан 75ке чейин) | | | | |
| 5. | _______________ айылында ЖМБА-сессияларынын жигердүү катышуучуларынын жана айыл лидерлеринин катышуусу менен ЖМБА-фокус-топтору (катышуучулардын саны 20дан 25ке чейин) | | | | |
| 6. | _______________ айылында ЖМБА-сессияларынын жигердүү катышуучуларынын жана айыл лидерлеринин катышуусу менен ЖМБА-фокус-топтору (катышуучулардын саны 20дан 25ке чейин) | | | | |
| 7. | _______________ айылында ЖМБА-сессияларынын жигердүү катышуучуларынын жана айыл лидерлеринин катышуусу менен ЖМБА-фокус-топтору (катышуучулардын саны 20дан 25ке чейин) | | | | |
| 8. | Айылдык аймактын деңгээлинде АК депутаттарынын, АӨ аппарат өкүлдөрүнүн, жергиликтүү жамааттын лидерлеринин, адистердин жана эксперттердин катышуусунда пландоо жолугушуучулары (жолугушуулар зарыл болгон чакта бир жолудан көп болушу мүмкүн) (катышуучулардын саны 30га чейин болот) | | | | |
| 9. | БАПты (биргелешкен аракеттер планын) иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун жолугушуулары (зарыл чакта тиешелүү адистерди тартууга болот) | | | | |
| 10. | Демилгелүү топторду жана биргелешкен мониторинг жана баалоо топторун түзүү | | | | |
| 11. | Биргелешкен аракеттер планын макулдашуу боюнча элеттик чогулуш | | | | |

# 5-тиркеме. ЖМБА-сессиясынын ЖМБА-фокус-тобунун программаларынын

**ЖМБА-СЕССИЯСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ**

Күнү: 20___-жылдын ________
Убактысы: 10.00 (3 топ) жана 14.00 (3 топ)
Жолугушуунун катышуучулары: ХХХ айылы
Саны: ар бир топто 20-25тен киши, алардын ичинде ______эркек жана ______аял
Алып баруучулар: ______________________________

Жолугушуунун максаты: жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жана бюджеттик процессте жергиликтүү жамааттын катышуу деңгээлин баалоо, айылдагы өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйдү аныктоо.

| Убактысы | Мазмуну | Усулдар |
|---|---|---|
| **10.00-10.15** | Саламдашуу. Таанышуу | |
| **10.15-10.20** | Жолугушуунун максаттары жана тапшырмалары | |
| **10.20-11.20** | Айылдын ресурстары жана кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээли тууралуу жалпы маалымат алуу | Ресурстук карта<br>Венн диаграммасы |
| **11.20-12.10** | Калктын бюджеттик процесске катышуу деңгээлин баалоо | «Токоч» |
| **12.10-12.30** | Калктын жергиликтүү маанидеги иштерге жана бюджеттик процесске катышуусуна таасирин тийгизген көйгөйлөрдү аныктоо | Көйгөйлөр галереясы |

**ЖМБА-ФОКУС-ТОБУНУН ПРОГРАММАСЫ**

Күнү: 20___-жылдын ________
Убактысы: __________
Жолугушуунун катышуучулары: Биринчи ЖМБА-сессияларынын лидерлери жана активдүү катышуучулары
Жолугушуунун максаты: Жергиликтүү маанидеги маселелер жана бюджеттик процесске байланышкан артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн себептерин жана аларды чечүү жолдорун аныктоо.

| Убактысы | Мазмуну | Усулдар |
|---|---|---|
| **10:00-10:15** | Саламдашуу. Таанышуу | |
| **10:15-10.45** | Жергиликтүү маанидеги маселелер жана бюджеттик процесске байланышкан артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн себептерин аныктоо | Көйгөйлөрдүн себеп-натыйжалык талдоосу |
| **10:45-11:15** | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн натыйжаларын аныктоо | Көйгөйлөрдүн себеп-натыйжалык талдоосу |
| **11:15-12:15** | Жергиликтүү маанидеги маселелер жана бюджеттик процесске байланышкан артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштар жана кеңештерди топтоо. Тараптардын салымын аныктоо (АӨнүн, жергиликтүү кеңештин, жамааттардын ж.б.) | Көйгөйлөрдүн себеп-натыйжалык талдоосу |
| **12:15-12:30** | Критерийлерди иштеп чыгуу жана Демилгечи топтордун курамына өкүлдөрдү тандоо | Мээ чабуулу |
| **12:30-12:50** | Жыйынтыктоо | |

# 6-тиркеме. ЖМБА-сессия катышуучуларынын тизмесинин формасы

Иш-чаранын аталышы____________________________________________
Иш-чара өтчү күн жана жер____________________________________________

| № | Аты-жөнү | Жаш курагы | Кызматы же алектенген иши (дыйкан, АК депутаты ж.б.) | Байланыш үчүн маалыматтар | Кол тамгасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

# 7-тиркеме. ЖМБА-сессиясынын и ЖМБА-фокус-топторунун программаларынын мисалы

**Отчетту түзгөн ___________(аты-жөнү, кызматы)** **Күнү __________**
Жергиликтүү жамаат жөнүндө жалпы маалымат:
ААнын аталышы;
айылдын аталышы;
жашоочулардын саны, алардын ичинде ______эркек жана _______аял;
үй кожолуктарынын саны.
Айылда ЖМБА-сессияларына катышкандардын саны: _________________
Алардын ичинен аялдар: ___________________________________________________

**ЖМБА-сессиялар жөнүндө маалымат**

**18 – 35 жаштагылардын тобу**

| Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиянын №, күнү, өткөн жери | Катышуучулардын саны | Алардын ичинде аялдар | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмеси | Добуштардын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

**36 -55 жаштагылардын тобу**

| Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиянын №, күнү, өткөн жери | Катышуучулардын саны | Алардын ичинде аялдар | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмеси | Добуштардын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

**56 жаштан жогорулардын тобу**

| Өткөрүлгөн ЖМБА-сессиянын №, күнү, өткөн жери | Катышуучулардын саны | Алардын ичинде аялдар | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн тизмеси | Добуштардын саны |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

**Айылдагы көйгөйлөрдүн ичинен артыкчылыктуусун тандап алуу**

| № | Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн аталышы | Добуштардын саны |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**Айылдагы артыкчылыктуу көйгөйлөр тууралуу жалпы маалымат**

Мисалы, «Калк ичүүчү суу менен камсыздалган эмес».

Андан ары ЖМБА-сессиясы маалында алынган маалымат келтирилет: көйгөйдүн сүрөттөлүшү, ким жана кантип кызмат көрсөтүп, же маселени чечүү менен алектенет.

____________________________________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________

ЖМБА-сессия маалында жергиликтүү жамааттын жигердүү өкүлдөрүн тандап алуу
- Себеп-натыйжа байланышын аныктоо боюнча ЖМБА-фокус-топторуна катышуу үчүн.
- Артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү боюнча демилгелүү топтун ишине катышуу үчүн.
- Биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө катышуу үчүн.

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Байланышуу үчүн маалымат |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

# 8-тиркеме. ЖМБА-фокус топтору тууралуу отчеттун формасы

**Отчетту түзгөн ___________(аты-жөнү, кызматы)** **Күнү __________**

1. Фокус-топтор тууралуу жалпы маалымат
- иш-чара өткөн күн жана жери;
- катышуучулардын саны:
  алардын ичинен аялдар_________________;
  алардын ичинен АК депутаттары__________;
  алардын ичинен АӨ кызматкерлери________;
  алардын ичинен БӨУ жана жамааттар______.

Артыкчылыктуу көйгөйдү сүрөттөө үчүн таблица (ар бир артыкчылыктуу көйгөй үчүн кайталанып турат)

| | |
|---|---|
| Көйгөйдүн сүрөттөлүшү | |
| Себептер | |
| Кесепеттери | |
| Чечүү жолдору | |
| Көйгөйдү чечүү үчүн АӨнүн кандай ресурстары бар? | |
| Көйгөйдү чечүү үчүн айылдык кеңештин кандай ресурстары бар? | |
| Көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү жамааттын кандай ресурстары бар? | |
| Башка кызыкдар жактар барбы жана көйгөйдү чечүү үчүн аларда кандай ресурстар бар (демөөрчүлөр, донорлор, мамлекет ж.б.)? | |

# 9-тиркеме. Пландалган жолугушуу тууралуу отчеттун формасы

**Отчетту түзгөн ___________(аты-жөнү, кызматы)** **Күнү __________**

Фокус-топтор тууралуу жалпы маалымат
- иш-чара өткөн күн жана жери_______________;
- катышуучулардын саны:
  алардын ичинен аялдар__________________;
  алардын ичинен АК депутаттары___________;
  алардын ичинен АӨ кызматкерлери_________;
  алардын ичинен БӨУ жана жамааттар______.

Артыкчылыктуу көйгөйлөр боюнча толукталган таблица

| | |
|---|---|
| Көйгөйдүн сүрөттөлүшү | |
| Себептер | |
| Кесепеттери | |
| Чечүү жолдору | |
| Көйгөйдү чечүү үчүн АӨнүн кандай ресурстары бар? | |
| Көйгөйдү чечүү үчүн айылдык кеңештин кандай ресурстары бар? | |
| Көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү жамааттын кандай ресурстары бар? | |
| Башка кызыкдар жактар барбы жана көйгөйдү чечүү үчүн аларда кандай ресурстар бар (демөөрчүлөр, донорлор, мамлекет ж.б.)? | |

# 10-тиркеме. ЖМБА-иш-чараларынын протоколунун мисалы

**№ айылдык аймагынын Х айылындагы ЖМБА-сессиясынын**
**№1 ПРОТОКОЛУ**

Күнү: 2014-жылдын 19-ноябры.
Өткөн жери: Х айылы, клубдун имараты.
Катышуучулар: Х айылынын 18ден 35 жашка чейинки калкы
Фасилитаторлор (алып баруучулар):
Айыл өкмөтүнүн адиси, жумушчу топтун мүчөсү Осмонова С.,
Жумушчу топтун мүчөсү Сапарова К.

**Күн тартиби**

- Айылдын ресурстары жана кызмат көрсөтүүлөрдүн деңгээли тууралуу жалпы маалымат алуу.
- Калктын бюджеттик процесске катышуу деңгээлин баалоо.
- Калктын жергиликтүү маанидеги иштерге жана бюджеттик процесске катышуусуна таасирин тийгизген көйгөйлөрдү аныктоо.

**Биринчи маселе боюнча**

Катышуучулар Х айылынын картасын чийишти, адегенде айылдагы негизги жолдорду, андан кийин экинчи даражадагы жолдорду белгилеп алышты. Талкуунун жүрүшүндө катышуучулар Ынтымак, Панфилов жана Тынчтык көчөлөрүндөгү экинчи даражадагы жолдордун абалы начар болгонун белгилешти.

Андан кийин катышуучулар Х айылындагы көчөлөрдө жайгашкан объекттерди тартышты. Х айылынын негизги көчөсүндөгү коомдук иш-чаралар өтчү клубдун имаратын белгилешти. Клуб бардык зарыл эмеректер менен камсыздалган, ичинде китепканада да бар. Китепкана жаштардын заманбап талабына жооп бербейт. Интернет жана жаңы технологиялар жок. Калк клубду көп колдонот, бирок анын чатыры начар абалда. Мунун айынан жаан жааганда суу тамчылап турат.

Картада көчөлөрдөгү таза суу алчу кудуктар белгиленди. Айрым кудуктар ремонтко муктаж, мунун айынан бардык эле жашоочулардын таза сууга жеткиликтүүлүгү камсыздалган эмес. Жаңы конуштардын жашоочулары таза сууга муктаж, ошондуктан суу түтүгүн өткөрүү зарыл.

Х айылынын негизги көчөсүндө 1971-жылы курулган мектеп бар. Ал да өтө начар абалда.

Көчөлөрдөгү устундарда чырактар орнотулган эмес, караңгыда көчөгө жарык берилбейт. Ушундан улам балдар кечинде көчөгө чыкканда алардын ата-энелери тынчсызданып турат.

Айылда бала бакча жок. Ошондуктан балдар 1-класска барганда мектепке оңой менен көнө алышпайт. Бул болсо окуучунун материалды өздөштүрүп, жакшы билим алуусуна таасирин тийгизип жатат.

Айылда жаштар үчүн кеңсе бар, бөлмөнү муниципалитет спорт менен алектенүү үчүн бөлүп берген. Бирок чатыры начар болгондуктан жаштар ал жерде көпкө тура албайт.

Көчөлөрдүн жана үйлөрдүн боюнда жер участоктору бар. Аларды бойлой канал өтөт. Бирок жай мезгилинде суу аз болгондуктан дыйкандар сугат суунун жетишсиздигине даттанып келишет.

ЖМБА-сессиясы өткөрүлүп жаткан маалда катышуучулар АА аймагында өз ишмердигин жүргүзгөн төмөнкүдөй уюмдарды жана кемүү тартибинде алардын маанисин белгилешти:

1. Айыл өкмөтү
2. Мектеп
3. Спорт залы
4. Китепкана
5. ТСПАКБ
6. Маалымат борбору
7. Пилорама
8. Ветеринардык тейлөө кызматы
9. Аксакалдар соту
10. Маданият үйү
11. Жаштар комитети
12. ФАП
13. Мечит
14. СПА
15. Жайыт комитети

«Эмне үчүн мааниси боюнча биринчи орунга айыл өкмөтү коюлду?» деген суроого катышуучулардын жообу мындай болду: АӨ калкка кызмат көрсөтөт – жөлөк пул таратат, кээде согуш жана эмгек арда-

герлерин куттуктайт, карылар күнүн белгилейт, майрамдык иш-чараларды уюштурат, бардык көчөлөрдө болбосо да жолдорду оңдойт. Бирок ошону менен бирге АӨ адистеринин иши канааттандырарлык эмес деп бааланды. Көп учурда алардын иш бөлмөлөрү жабык, маалым кат алайын дегенде адистер ордунда болбой калат.

Катышуучулар айыл өкмөтү дээрлик бардык уюмдар менен байланышта болорун белгилешти.

«Эмне үчүн орто мектепке чоң маани берилди?» деген суроого катышуучулар балдары мектепте окуй турганын, баштапкы жана орто билим аларын айтышты. Мектептин турмушунда АӨнүн ролу кандай болгонун сураганда, катышуучулар АӨ имаратты ремонттого сыр, акиташ менен жардам берерин айтып, бирок мектептин имараты капиталдык ремонтко муктаж болгонун белгилешти. Катышуучулар окуучуларды окутуу, мугалимдердин сабак өткөрүү сапаты төмөн деңгээлде болгонун, балдар начар окуй турганын, мектепте ийримдер жана жетишпеген предметтер боюнча кошумча сабактар болбогонун айтышты.

Катышуучулар АӨнүн балансында турган спорт залды белгилешти. АӨ залдын абалына чоң көңүл бурганы менен имараттын чатырын ремонттого каражат жетишпейт. Жаштар жана окуучулар бош убактысында спорт менен алектенет, бирок спорттук шаймандар өтө эски, машыктыргычтар жетишсиз. Анын үстүнө спорт залдын ишин да тартипке келтирүү зарыл. Адатта окуучулар ойногону келгенде четте туруп, чоңдор кантип ойнорун карап турууга мажбур.

Китепкананын кызмат көрсөтүүлөрүнө элеттиктер ыраазы. Себеби китепкана өз маалында иштеп, көптөр китеп окуганы барып турушат. Бирок алар китептердин эскилигине наразы. Балдардын жана жаштардын китепканага барып турусу үчүн компьютердик курстарды уюштуруп, интернетке, электрондук китептерге жеткиликтүүлүк боюнча кызмат көрсөтүп, түрдүү ийримдерди өткөрүү сунуштары айтылды. АӨ китепканага ремонт керек болгон учурда гана анын ишине катышып калган.

ТСПАКБнын иши өтө чабал болуп, таза сууну жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүлбөй турганы айтылды. Анткен менен ТСПАКБ жергиликтүү жамаатты ичүүчү суу менен камсыздоону уюштурууда өтө маанилүү уюм. Катышуучулар ТСПАКБнын ишине нааразылыгын билдирип, кызмат көрсөтүүнү АӨгө өткөрүп берүү зарыл экенин айтышты. Себеби иш жүзүндө ичүү сууга байланыштуу маселе боюнча элеттиктер баары бир АӨгө кайрылышат.

Элеттиктер айылда АӨгө караштуу жана АРИСтин колдоосу менен уюштурулган маалымат борборуна да токтолушту. Көптөр борбор иштебей турганына нааразылыгын билдиришти. Фасилитаторлор компьютерлер эскиргенин, ал эми жаңыларын сатып алууга же эскилерин оңдоого жергиликтүү бюджеттеги каражат жетишсиз экенин түшүндүрүп беришти.

Сессиянын катышуучулары айылда жеке пилорама бар болгонун, анын кызмат көрсөтүүсүнө абдан муктаж болушканын, бирок ал күндө иштебей турганын, көп учурда ар кандай себептер менен жабык экенин айтышты. Пилорама АӨ менен байланышта эмес.

Айылда ветеринардык кызмат көрсөтүүлөр уюштурулган. Бирок анын сапаты төмөн деңгээлде, дары-дармектер жетишсиз, акысы кымбат.

Айылда ошондой эле коомдук уюмдар – аксакалдар соту, элеттик саламаттык комитети, жаштар комитети, СПА, жайыт комитети бар.

Катышуучулар айыл өкмөтүнүн аксакалдар соту менен байланышы чабал болгонун, соттун мүчөлөрүн алмаштыруу керектигин, ал кайсы бир маалда жакшы иштегенин, жергиликтүү жашоочулардын арыз-даттанууларын териштирип турганын айтышты.

Ошондой эле элеттик саламаттык комитетинин мүчөлөрүнүн ролу белгиленип, алардын калк арасындагы иши солгундап кеткени айтылды. Кайсы бир учурда комитеттин мүчөлөрү жигердүү иштеп, калк арасында окуулар өткөрүлүп, кандайдыр бир ооруларды алдын алуу боюнча маалыматтар таратылып турган. АӨ аларга дээрлик жардам берген эмес жана бербей келет.

Жаштар комитети тууралуу айтканда, катышуучулар мындай уюм бар экенин, бирок анын көзгө көрүнөрлүк иши болбогонун, жаштар комитети менен АӨ байланышта болуп-болбогонун билбей турганын айтышты.

Катышуучулар сугат сууну бөлүштүрүүдө жана сугат системасын күтүүдө СПАнын ишинин начардыгын, СПА көп учурда АӨгө финансылык жардам сурап кайрыларын, жергиликтүү бюджетте каражаттын жетишсиздигинен улам колдоого ээ болбой жатканын белгилешти.

Жайыт комитетинин иши нааразылык жаратып, чогулуштар өткөрүлбөй турганы, каражат кайта сарпталары белгисиз болгону белгиленди. Себеби жайыттарды башкаруу иши жалпысынан өтө начар жүргүзүлүп келет. Эмне үчүн АӨ жайыт комитетинин ишине көңүл бурбай жатат деп, айыл өкмөттүн дарегине бир топ суроолор узатылды.

ФАПтын ишине баа берген катышуучулар АӨ имараттын ремонтуна каражат бөлөрүн, бирок кызмат көрсөтүүнүн сапаты өтө начар экенин белгилешти: зарыл болгон жабдуулар жок, алгачкы медициналык жардам көрсөтө алышпайт, дары-дармектер жок, элеттиктер жардам сурап кайрылганда аларды дайыма райондук ооруканага жиберишет. Кыш маалында ФАПка кирүү да мүмкүн болбой калат, себеби имараттын ичи өтө суук.

Катышуучулар АӨгө мечитти тейлөө ишин, мисалы кышында жылытуу, электр энергиясы менен камсыздоо милдеттерин өзүнө алууну сунушташты. Бирок фасилитаторлор мечитти жергиликтүү бюджеттин эсебинен тейлөө мүмкүн эместигин, анткени мечит айыл өкмөтүнүн менчиги эместигин түшүндүрүп беришти.

Калкка уюмдар тарабынан кызмат көрсөтүү маселеси боюнча биринчи орунга айыл өкмөтү, андан кийин мектеп, спорт зал, китепкана коюлду. Бул уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүндө кемчиликтер көп болгону менен, алардын сапаты башкаларга салыштырмалуу жогору деп бааланды.

**Экинчи маселе боюнча**

Катышуучулар «Токоч» көнүгүүсүн аткарууда, жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын бөлүштүрүүдө активдүүлүгүн көрсөтүштү. Катышуучулардын баамында, чыгашалардын тизмеси мындайча болот:

- АӨ аппаратын күтүүгө – 30%;
- мектептерди күтүүгө – 20%;
- клубду күтүүгө – 15%;
- ФАПты күтүүгө – 3%;
- жолдордун ремонтуна – 5%;
- спорт залынын ремонтуна – 2%;
- майрамдарга жана маанилүү даталарга – 5%;
- жаштарга – 5%;
- китепкананы күтүүгө – 15%.

Катышуучулар коомдук угуулар өткөрүлүп турарынан, жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат беришеринен кабардар. Катыша албай калган элеттиктер жергиликтүү бюджет тууралуу кыскача маалымат алышты. Катышуучулар «мурда биз бардык каражат айыл өкмөтүн күтүүгө жана майрамдарга кетет деп ойлочубуз. Эми болсо каражатыбыз чектелүү болгонун жана артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө аларды эффективдүү колдонушубуз керектигин билип калдык», - деп айтышты.

**Үчүнчү маселе боюнча**

Ар бир катышуучуга бештен стикер берилип, тапшырманын шарты боюнча алар ар бир стикерге айылдын өзгөчө маанилүү бирден көйгөйдү жазып чыгыш керек болчу. Натыйжада, 5 стикерде беш көйгөй жазылмак.

Катышуучулардын пикирлери мындай болду:

- ички жолдордун начар абалы – 12 добуш;
- клубдун чатырынын начар абалы – 12 добуш;
- ичүүчү суунун жетишсиздиги – 10 добуш;
- мектептердин начар абалы (мектептеги билим берүү үчүн шарттардын жетишсиздиги) – 10 добуш;
- сугат суу – 9 добуш;
- бала бакчанын жоктугу (мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттардын жоктугу) – 6 добуш;
- жарыктын жоктугу – 6 добуш;
- жаштар үчүн шарттардын жетишсиздиги (жаштардын кеңсесинин чатыры начар абалда) – 5 добуш;
- интернетке жана жаңы технологияларга жеткиликтүүлүктүн жоктугу – 5 добуш.

| | |
|---|---|
| Осмонова С., АӨ адиси | Кол тамгасы |
| Сапарова К., жумушчу топтун мүчөсү | Кол тамгасы |

Тиркеме: катышуучулардын тизмеси, иш-чара маалында тартылган сүрөттөр.

# 11-тиркеме. Окуу китебине тиркелген дискте жазылган электрондук документтердин тизмеси

## "Окуу китеби" папкасы

1. **ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу / Практикалык окуу китеби / «Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» окуу материалдарынын топтому. Биринчи бөлүк. / Добрецова Н., Балакунова А., Мусаева А., Градваль С. – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 50 б.**
2. Учет приоритетов местного сообщества в процессе принятия решений органами МСУ по вопросам местного значения / Практическое пособие / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики». Часть первая. / Добрецова Н., Балакунова А., Мусаева А., Градваль С. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 50 с.

## "Мыйзам чыгаруучулук" папкасы

1. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2011-жылдын 15-июлу № 101.**
2. Закон Кыргызской Республики о местном самоуправлении, г.Бишкек, от 15 июля 2011 года № 101;
3. **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек ш., 2011-жылдын 14-июлу № 98.**
4. Закон Кыргызской Республики о выборах депутатов местных кенешей, г.Бишкек, от 14 июля 2011 года № 98;
5. **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө 2014-жылдын 17-июлу № 139.**
6. Закон Кыргызской Республики О государственных и муниципальных услугах от 17 июля 2014 года № 139.
7. **Муниципалдык кызмат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2004-жылдын 21-августу № 165.**
8. Закон Кыргызской Республики о муниципальной службе, г.Бишкек, от 21 августа 2004 года № 165;
9. **Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Бишкек шаары, 2002-жылдын 15-марты № 37.**
10. Закон Кыргызской Республики о муниципальной собственности на имущество, г.Бишкек, от 15 марта 2002 года № 37.
11. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2013-жылдын 9-июлу № 127.**
12. Закон Кыргызской Республики о порядке делегирования органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий, г.Бишкек, от 9 июля 2013 года № 127.
13. **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2000-жылдын 13-январы № 3.**
14. Закон Кыргызской Республики о статусе депутатов местных кенешей, г.Бишкек, от 13 января 2000 года № 3.
15. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2003-жылдын 25-сентябры № 215.**
16. Закон Кыргызской Республики о финансово-экономических основах местного самоуправления, г.Бишкек, от 25 сентября 2003 года № 215.
17. **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө Бишкек шаары, 1998-жылдын 11-июну № 78.**
18. Закон Кыргызской Республики Об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республике г.Бишкек, от 11 июня 1998 года № 78.

**19. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө, 2006-жылдын 28-декабры № 213.**

20. Закон Кыргызской Республики О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики от 28 декабря 2006 года № 213.

**21. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Бишкек шаары, 2007-жылдын 4-майы № 67.**

22. Закон Кыргызской Республики О порядке рассмотрения обращений граждан г.Бишкек, от 4 мая 2007 года № 67.

**23. Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 19-декабры № 715.**

24. Постановление Правительства Кыргызской Республики об утверждении Временной методики расчета объема трансфертов, предоставляемых местным бюджетам из республиканского бюджета для осуществления отдельных делегированных государственных полномочий. г.Бишкек, от 19 декабря 2014 года № 715.

**25. Токтом Постановление от 21 апреля, 2015 года, №230 (на русском и кыргызском языках).**

**26. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2012-жылдын 17-февралы № 105.**

27. Постановление Правительства Кыргызской Республики об оценке эффективности деятельности государственных органов исполнительной власти и органов местного самоуправления Кыргызской Республики, г.Бишкек, от 17 февраля 2012 года № 105.

**28. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 17-марты № 145.**

29. Постановление Правительства Кыргызской Республики о делегировании органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий, г.Бишкек, от 17 марта 2014 года № 145.

**30. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө Бишкек шаары, 2015-жылдын 14-январы № 6.**

31. Постановление Правительства Кыргызской Республики Об утверждении Базового реестра муниципальных услуг, предоставляемых органами местного самоуправления Кыргызской Республики г.Бишкек, от 14 января 2015 года № 6.

**32. Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2012-жылдын 23-марты № 198.**

33. Постановление Правительства Кыргызской Республики О мерах по оптимизации системы предоставления муниципальных услуг г.Бишкек, от 3 июня 2014 года № 302.

**34. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө Бишкек шаары, 2014-жылдын 3-июну № 302.**

35. Постановление Правительства Кыргызской Республики о Концепции административно-территориальной реформы в Кыргызской Республике, г.Бишкек, от 23 марта 2012 года № 198.

**36. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2013-жылдын 18-декабры № 678.**

37. Постановление Правительства Кыргызской Республики о Программе развития местного самоуправления Кыргызской Республики на 2013-2017 годы, г.Бишкек, от 18 декабря 2013 года № 678.

38. **Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 10-ноябры № 633.**
39. Постановление Правительства Кыргызской Республики об утверждении Типового положения о порядке формирования фондов развития регионов, г.Бишкек, от 10 ноября 2014 года № 633.
40. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө 2010-жылдын 26-февралы № 117.**
41. Постановление Правительства Кыргызской Республики Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики от 26 февраля 2010 года № 117.
42. **Айылдык кенештин Типтүү регламентин бекитүү тууралуу буйрук, 25 ноябрь, 2013 – ж., Бишкек ш., № 01-24/65.**
43. Приказ об утверждении Типового регламента айылного кенеша от 25 ноября, 2013 года, Бишкек, № 01-24/65.
44. **Жергиликтүү жамааттын Типтүү Уставын бекитүү тууралуу буйрук, 4 март, 2014-ж, Бишкек ш., №01-24/19.**
45. Приказ об утверждении Типового устава местного сообщества от 4 марта, 2014 года, г. Бишкек, №01-24/19.
46. **Айылдык кеңештин Типтүү Регламенти.**
47. Типовой Регламент айылного кенеша.
48. **Жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоо жана кабыл алуу боюнча Колдонмо.**
49. Руководство по обсуждению и принятию Устава местного сообщества.
50. **Айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын Типтүү уставы.**
51. Типовой Устав местного сообщества айылного аймака.